СКЫРГ
С63

Айсалкын Сооронбаева

# ТАГДЫР СЫНООСУ

аб.
Скырг
С 63

Айсалкын СООРОНБАЕВА

# ТАГДЫР СЫНООСУ

*Ырлар, эсселер түрмөгү, аңгеме*

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНБ № 487869

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
С 63

**Сооронбаева Айсалкын.**
С 63 Тагдыр сыноосу. Ырлар, эсселер түрмөгү, аңгеме. Улуу Тоолор, 2017. – 172 б.

ISBN 978-9967-470-93-4

Айсалкын Сооронбаеванын «Тагдыр сыноосу» аттуу ыр, аңгеме, эсселерден турган бул жыйнагында – ата-эне, бала, мекен, махабат, тагдыр темаларынын тегерегинде Адам, Мекен тагдыры баяндалып, ал чыгармаларда акындын атуулдук-мекенчилдик, инсандык жалындуу ойлору, демилгелери, көз-караштары камтылган. Китептеги чыгармалар жан дүйнөнү тазартып, айрыкча жаштарды мекенчилдикке, ыймандуулукка, адилеттүүлүккө тарбиялоого кызмат кылат.

С 4702300200–17

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-470-93-4
© Сооронбаева А., 2017



# КАЛЕМГЕРДИН КАНАТТУУ ЧЫГАРМАЛАРЫ

*Эгемен жылдар... – доордун алмашышы, замандын өзгөрүшү адамдарды да өзгөртүп, же адамдар заманды өзгөртүп, бүтүндөй мамлекет, коом, аларды түзүп турган адам ыйманы сыноого түштү. Кимдин ким экени көрүнүп дегендей, коом ичинде ар кандай жат көрүнүштөр, алаамат окуялар болуп кетти... Андай көрүнүштөр, окуялар, Мекенден алыста тагдыр күтүп кусага баткан айлар, жылдар – көптөрүнүн колуна калем карматты, ойлорун, көз-караштарын, сагыныч-кусаларын, кубанычтарын, толгонууларын кагазга төктүрдү.*

*Мына ошондой калемгерлердин бири – Айсалкын Сооронбаева. «Тоолор алыстан даана көрүнөт» дегендей, Ала-Тоодон алыста жашап иштеп жүргөн акын кызга, анын катарындагы канча бир тагдырлаш мекендештерге – Ата журттун, ата-эненин, бала, бир тууган, эл-журт деген асылдардын ыйыктыгы да өзгөчө*

билинээри, өзгөчө сезилээри турулуу иш. Андыктан акындын «Тагдыр сыноосу» жыйнагында ошол асылдарга арналган ырлар, эсселер басымдуу. Жыйнак да аларга арналган ырлар менен ачылат:

Апа, сиздей кимдер мени күтө алган,
Жакшы-жаман кыялыма түтө алган.
Мээримиңиз чалкып жаткан океан,
Сиз бар үчүн жарык тура бүт аалам.

«Туулган жерди сагынуу» аттуу ырынан мисал тарталы:

Алыстап сенден,
Баркыңды билдим талаада.
Сагынычы ырын,
Көп жаздым Москва калаада.
Туулган жер, сенин
тузуңа тообо кылайын,
Сатылбайт тура
таза сууң, абаң базарда.

Андан ары Москванын көк туман баскан көп кабаттуу үйлөрүнөн күндүзү Күн, түнүндө Ай көрүнбөй, жайында аарылар конгон гүлдөр көрүнбөй, булбул куштардын сайраганы угулбай, асманы түнөрүп



ай-жылдар өтүп жатат деген акындын ойлору кандай күчтүү, кандай кусалуу! Акындын бул саптары окурмандын оюна от таштап, «турмуш-тагдыр деген базарда» адам да сатылып жаткан бүгүнкү кубулган заманда, таза абалуу, мөлтүр булактуу, көк чийген ак тоолуу Кыргызмекен, Ата журт аман болсун деген тилек менен кайрылат.

Акындын жыйнактагы Алыкул, Байдылда, Рыспай өңдүү таланттуу улуу инсандарга арналган ырларында, алардын өмүрү жаштарга өрнөк, таалим-тарбия болсо, махабат темасындагы ырлары сүйүүдөгү аруулукка, туруктуулукка үндөйт.

Убакыт желдей сызып, өмүр деген бүгүн бар да, эртең жок. Өмүр, адам ыймананы, жан дүйнө тазалыгы – эч нерсеге алмашкыс кунсуз байлыктар. Акын Айсалкын Сооронбаева бул темаларга көп кайрылып, бул байлыктарды сактоодо адамга эң башкысы сабырдуулук, топуктуулук зарылдыгын эске салат. «Шүгүр айтып үйрөнгүн» деген ырынан төрт сап окуйлу:

*Жашагыла барын билип дүйнөнүн,*
*Жашоо көркү көр дүнүйө деп билбегин.*
*Жан дүйнөнү ыйман менен аруулап,*
*Жаратканга шүгүр айтып үйрөнгүн.*

*Жаратканга шүгүр айтып үйрөнүү – чынында чын бакыттын, ыймандын, абийирдин ачкычы, гумандуулуктун мыйзамы эмеспи.*

*Жыйнакка чакан эсселер, балдарга арналган ырлар жана «Тагдыр сыноосу» аттуу аңгеме да кирген. Эсселер – кыскалыгына карабай, автордун айтайын деген ою менен мазмундуу жана маңыздуу. Балдарга арналган ырлар, чакан эсселер – балдардын баёолугун, ички дүйнөсүнүн тазалыгын ачып бере алгандыгы менен жылмайтат. Ал эми «Тагдыр сыноосу» аңгемесинде кейипкерлердин образдары жандуу, жашоодогудай табигый сүрөттөлүп, ички дүйнөлөрү ачылып, чыгармадагы Назиранын тагдыры окурманды ойго салып, «кийинки тагдыры не болду экен?» деп саамга ойлоно түшүп бушайман тартууга түртөт. Чыныгы көркөм чыгарманын вазийпасы – мына ошондо, окурманга таасир этип, ойго салууда.*



*Акын Айсалкын Сооронбаеванын чыгармаларында, эң негизгиси – андагы окуяларды, көрүнүштөрдү, сүрөттөөлөрдү бир уюткуда кармап турган – ой жатkандыгында. Ал эми ой айтуу – чыгарма жаратуудагы башкы максат. Ой гана тигил же бул чыгармага канат тагып, канаттуу чыгарма окурманга, элге жетип турат.*

*Андыктан, Айсалкын айым, канаттуу чыгармаларыңыз окурман назарына илинип, канат кага берсин.*

***Фатима АБДАЛОВА***

акын, Алыкул Осмонов, Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты

## Арноо ырлары



### АТАКЕМ

Кечээ эле ат желдирип тоо кезген,
Тоонун ызгаар шамалына бой керген,
Атакемдин жаштыгынын изи жок,
Карып барат, токсон таяп күч кеткен.

Аппак чачы кара түстү унуткан,
Карылык да эс тутумун куруткан.
Кайрат-күчтүү, шартылдаган атамды,
Карыйт го деп ойлобопмун мурунтан.

Карылыктын доорун сүрүп кадырлуу,
Олтурса да оту улуу жагылуу,
Ичтен сызып аяп кетем, аргам жок,
Нуру өчкөн көздөрүнө кайгылуу.

Көпкө тиктеп бир чекитти ой басат,
Кыялында ойлор түрдүү жол жасап.
Башты ийип карылыкка, тагдырга,
Келе жатат топук кылып көп жашап.

Атакемдин мага кымбат өмүрү,
Эч убакта чөкпөсө дейм көңүлү.
Эл ичинде аман болуп, оорубай,
Ырыскысы турсун дайым төгүлүү.

Жылдар менен агып нечен ак таңы,
Жаштык кезин эл-жерине сарптады,
Ак эмгекке тарбиялап өстүрүп,
Атам бизди балапандай таптады.

Неберенин көрүп азыр кызматын.
Уул-кыздын көрүп далай урматын,
Апам экөө төрүбүзгө көрк кошуп,
Олтурушат асылдарым, кымбатым.



## АПАКЕМЕ БҮТПӨС ЫР

Жолум карап карегиңиз талбаган,
Күтүү, санаа ойлор сизди арбаган.
Түн уйкуну төрткө бөлүп түйшөлүп,
Күндүр-түндүр арылбайсыз санаадан.

Апа, сиздей кимдер мени күтө алган.
Жакшы-жаман кыялыма түтө алган.
Мээримиңиз чалкып жаткан океан,
Сиз бар үчүн жарык тура бүт аалам.

Сизден алыс кетсем күндө сагынып,
Өпкөңүздү чаап мага кагылып,
Оорубастан жүрсө экен деп, Кудайдан
Ден соолугум сурайсыз сиз жалынып.

Таңда туруп жакшы дуба кыласыз,
Кызым, качан келесиң деп сурайсыз.
Апа күтүң дагы бир аз десем мен,
Аман бол деп көңүлүмдү улайсыз.

Күтүү азап, кыйналдыңыз билемин,
Сагынуудан мен да азып жүдөдүм.
Мен деп соккон жүрөгүңүз оорубай,
Жүздүн чайын ичсе экен,– деп тиледим.

Майрамыңыз куттуу болсун ар дайым,
Маанайыңыз ачык болсун кааларым.
Жарыктыкка бүгүн мени алып келген,
Апа, сизге бүтпөс ырлар арнайым.

Дагы, дагы куттуу болсун мартыңыз,
Гүл ордуна ырды кабыл алыңыз.
Атам менен өмүр сүрүп жүз жылга,
Апакебай, бийик болсун баркыңыз.

Атакебай, ак калпакты түшүрбөй,
Бабалардын накыл кебин өчүрбөй,
Баян кылып айтып бизге тарыхты,
Дилибизге уюткансыз бүтүндөй.

Турпатыңыз уютулган чындыктан,
Такыбасыз адалдыкты пир туткан.
Табияттан бир мүнөздүү адамсыз.
Туура сүйлөп, тазалыкты туу туткан.

Ата, бизден оорубасын дилиңиз,
Эл ичинде эсен-аман жүрүңүз.
Өнөрүңүз мага оошуп күн-түнү,
Ыр дүйнөдө жашаганым билиңиз.



Ыр артынып сапар алып келемин,
Ушул менин сизден алган белегим,
Жолуңузду жолдоп өмүр өткүчө,
Элге тийсин аз да болсо керегим.

Атакебай, аска-тоом тирегим,
Аман болуң, узун өмүр тилеймин.
Сиз бар үчүн үйүбүзгө кут толуп,
Сиз бар үчүн кардыбыз ток, билемин.

## ЭНЕ ЖҮРӨГҮ

Эне күтүп алыс жолдон баласын,
Түн күзөтүп, уйку көрбөй таң тоскон.
Тындыралбай бала үчүн санаасын,
Эсен-аман келсе экен – деп, кан жолдон.

Алып чыгып бар тапканын белендеп,
Тасмалына дүйүм тамак жайдырып.
Балапаным качан кирип келет деп,
Жол карады каректерин талдырып.

Эне жүрөк толтоосуна сыйалбай,
Согуп жатты кетүүчүдөй жарылып,
Саатты карап, мүнөт санап чыдабай,
Караанына турду эне жалынып.

Канча күткөн ушул күндү жол карап,
Өпкө-боорун садага чаап сагынып.
«Жүз көрүшүп турганыма шүгүр» деп,
Ырахматын Кудайга айтып жалынып.

Унуткарып оору-сыркоо, чарчоону,
Кайрат-күчкө толду эне чыйралып,
Эне үчүн бала – бакыт турбайбы,
Кубанычтан жүзү турду нурданып.



## АГАМ КУРМАНБЕККЕ

Кең пейил токтоо мүнөз, сабырдуу
кыялыңыз.
Береке толуп турган ак өргөө турагыңыз.
Кут болсун жаным агам, бул ырыс
дөөлөтүңүз.
Бир тууган арасында жол баштап
тураарыбыз.
Үлгү алып өзүңүздөн, туура жол
тандаганбыз.
Чындыкты, калыстыкты достордой
жандаганбыз.
Эмгекчил, сылык мүнөз, өнөрлүү
агабыз деп,
Ар дайым сыймыктанып биз сизди
айта алабыз.
Көрбөдүк сизден такыр ичкилик,
чылым деген.
Андыктан бүлөңүз тынч, чебиңиз
дайым бекем.
Асылы жандын жеңем ардактап
турат сизди,
Балдардын сыйын көрүп жүрүңүз
аман-эсен!

## ЖЕҢЕМ КАЛЕНБҮБҮГӨ

Асылкеч жеңем, ардагым менин
билерман,
Айылда барктуу ар ишке жөндүү
кыларман.
Увазир жакшы – хан жакшы деген
макал бар.
Акылгөй бул сөз сизге да жеңе сыя алган.
Туткасы сизсиз агамдын куттуу үйүндө.
Сагынып сизди жолуккум келет күнүгө.
Гүлдөткөн гүлзар чарбагын ата-энемдин,
Күлкүңүз күмүш, сыйкыр бар жеңе үнүндө.
Жан агам менен узакка өмүр сүрүңүз.
Жадырап-жайнап бакытка тунуп күлүңүз.
Бактылуу ата, бактылуу эне болгула.
Асылкеч жеңем ар дайым бизге үлгүсүз!



## БАЛДАРЫМА

Турусбек менен Бактыгүл экөөңөрдүн,
Даңгыр болсун жолуңар, бөгөлбөсүн.
Дарыядай ташкындап бакыт келсин,
Дилиңерде ыйман жашап, бөксөрбөсүн.

Бир-бириңе эриш-аркак, болуп жөлөк,
Бактылуу турмуш куруп алга сүрөп.
Буйурса келер жылы кубандырып,
Бергиле ак бешикке небере бөлөп.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487869

## УУЛУМА

Асылым уулум тирегим,
Толкуп турат жүрөгүң.
Өмүрлүккө жар тандоо,
Бирден бир сенин тилегиң.

Тилегиң Кудай колдосун,
Жолуңду ачып ондосун.
Жараткан өзү жар болуп,
Жамандык сенде болбосун.

Кушуңду колго кондургун,
Жанашып уулум олтургун.
Аярлап алган жарыңдын,
Жүрөгүн нурга толтургун.

Алганың болсун ак маанай,
Жаркырап турсун ак таңдай.
Жароокер уулум өзүңө,
Жарыгын чачсын ак шамдай.

Көшөгөң көктөп көгөрсүн,
Уул-кыздар аман төрөлсүн.
Ырыскы толуп, кут даарып,
Бакытка үйүң бөлөнсүн.



Жарыңдын болгун күйөөрү,
Бек сактагын бүлөөңдү.
Башыңа бакыт консун деп,
Ак бата берип жүрөлү.

## БАР БОЛГУЛА, БИР ТУУГАНДАР

Эсендик тилеп, күтүп, сагынышкан,
Эскерме болсун жакшы күндөрүбүз.
Эсиреп байлык үчүн таарынышкан,
Эси жок бир туугандан болбойлу биз.

Бапестеп ак-караны таанытышкан,
Бар болсун төрүбүздө ата-энебиз.
Барктабай көңүлдөрүн оорутушкан,
Болбосун уул-келин,– деп жүрөбүз.

Жарашып алган жары ага-ининин,
Жоктон бар кылат,– деп, билебиз биз.
Жакшылык тилеп дайым бир тууганга,
Жаркылдап турса деген тилегибиз.

Улууларга баш ийип кичүүлөрү,
Урматташып, сыйлоого акылуубуз.
Бактыбызга бар болсун бир туугандар,
Бүтүн болсок ар дайым бактылуубуз.



## КЛАССТАШТАРЫМА

Классташтар кымбатсыңар баарыңар
Балдар, кыздар бөлө албасмын кай кимиң,
Жашасам да  мекенимден  алыста,
Жашайсыңар жан дүйнөмдө ар бириң.
Сагынам оов! Карагат көз кыздарды,
Бирге ойногон, бирге окуган бирге өскөн.
Сагынтат оов! Шайыр мүнөз балдарчы,
Шайдоот баары жүргөн жерин гүлдөткөн.
Асылдарым жүз көрүшөөр күн келип.
Жүз көрүштүк жакшылыкта чогулуп.
Бир гүлдөйлү балалыкты эскерип,
Жүрөктөрдү кубанычка толтуруп.

Классташтар кымбатсыңар баарыңар!
Жашайсыңар жан-дүйнөмдө ар бириң!

## МЕКТЕБИМЕ

Кара-Кулжа дарыясы шаркырап,
Жаткан чыгаар бүтпөс ырын ырдаган.
Айылыма-мектебиме жол тарттым.
Ырларымда бүтпөс темам ырдалган.
Куттуу уям! Билим алтын бешигим!
Канат каккам мен өзүңдөн качандыр.
Куса толгон жүрөгүмө, көзүмө,
Мен өзүңө учуп бара жатамын!
Агайларым, эжейлерим элестеп
Арип менен бүт дүйнөнү тааныткан!
Күтүп алаар Турат агай күлүңдөп,
Мектебимдин акылманы даанышман!
Куттуу уям! Билим берген мектебим!
Кымбаттыгын, асылдыгың билемин!
Мен өзүңдөн алыс жерде жүрсөм да,
Бала кездей дале өзүңдү сүйөмүн!



## САГЫНДЫМ КАРА-КУЛЖАМДЫ

Сагындым Кара-Кулжам! Көк кашка
суулларыңды!
Сагындым алп тоолордо сайраган
уларыңды
Сагындым Кара-Кулжам! Өзүңдө
бүт баардыгын,
Сагындым айлымдагы ак ордо
турагымды.

Сагындым асыл-жерим! Жылдыздуу
асманыңды
Көк шибер шүүдүрүмдү аралап
басканымды.
Сагындым ышкын терген, бактылуу
балалыкты,
Сагындым жайлоолорум Жүлгүрүм,
Кең-кайкымды.

Күткөндүр мөл булактар үн баспай
шылдыраган,
Күткөндүр кең дарыям бүтпөгөн
ыр кураган.
Күткөндүр алп тоолорум асманды
тиреп турган,
Күткөндүр талааларым гүлдөрү буркураган.

Койнуңа келди кызың, аманбы тууган
элим!
Кубантып кубат берет мекеним сенин
демиң.
Таштарың алтын мага, турпагың
мамык мага,
Абаңдан айланайын асыл жер,
туулган жерим!
Сагынган Кара-Кулжам бейишим
туулган жерим!



## АТА ЖУРТУМ

Мага тааныш мөңгү баскан зоолоруң,
Жашыл белес, гүл жамынган тоолоруң.
Кучагыңда кең пейилдүү эл жашайт,
Алар сенин, менин да бир боорлорум.

Сенде жашап Күн нуруна канышкан,
Жер энеден мол түшүмдү алышкан.
Таза кандуу кыз-жигити кыргыздын,
Ат ойнотуп, шамал менен жарышкан.

Киндик каны тамган сенде алардын,
Алар сындуу мен да сенин балаңмын,
Киндик каным тамган үчүн, Ата журт,
Кусам артып сагынганда барамын.

Сагынамын эл-журтумду, тууганды,
Кайкып учкан каркыраңды, турнаңды,
Ал гана эмес сагынамын сендеги,
Кара канат каркылдаган каргаңды.

Ата журтум, майышпасын ал-күчүң,
Бөксөрбөсүн, соолубасын тамчы сууң.
Тиш какшаткан булактагы сууң тургай,
Мага кымбат арыктагы аккан сууң.

Байлык-бакыт, ырыскы-кут сенде бар,
Сенден алган кең пейилдик менде бар.
Ата журтум, тоолоруңдай бийиктик,
Алпештеген койнуңдагы элде бар,
Ата журтум, береке-кут сенде бар.



# КЫРГЫЗ КАЛКЫМ

Кулачың кенен жайып кыргыз калкым,
Оболоп бийиктей бер чыгып даңкың.
Эркиндик алган элбиз кыргыз тилдүү,
Урпактардын келечеги болуп жаркын.

Бул күндөр бизге оңой келген эмес,
Журт башына каран түн салган мерез.
Тарых болуп жазылып турат азыр,
Бабалардын сөөктөрү калган белес.

Кан күйгөн согуш жалмап канчаларын,
Тээ батышта жанын берген аталарың.
Ата-баба каны менен жуурулушуп,
Келген бизге эркиндик, жарык шамың.

Өткөндөрдү урпактар унутпайлы,
Жакшы күндө жашайлы куруп шаңды.
Түндүгүндөн Күндүн нуру шоола төгүп,
Ай ажарын көрүп түндө тынч уктайлы.

Душман бизге салбасын касиретти,
Оо, Жараткан, жамандыкты кесип өтчү.
Согуш отун, согуш каарын көрсөтпөй,
Тынчтык күндү эл-журтума насип этчи.

## ТУУЛГАН ЖЕРДИ САГЫНУУ

Алыстап сенден,
баркыңды билдим талаада.
Сагыныч ырын,
көп жаздым Москва калаада.
Туулган жер, сенин
тузуңа тообо кылайын,
Сатылбайт тура
таза сууң, абаң базарда.

Окшобойт жазы,
окшобойт сенин жазыңа.
Көрүнбөйт багы
алма-өрүк бышкан шагына,
Түнөргөн асман,
көп кабат үйлөр бой керип,
Ай чыкпайт түндө,
асманда калкып жай гана.
Көрбөдүм Күндүн,
нур чачып таңда күлгөнүн,
Көрбөдүм жайдын,
аарылар конгон гүлдөрүн.
Уктабай тосуп,
таңын да кечин а бирок,
Укпадым булбул,



укпадым торгой үндөрүн.
Эскерме жаздым,
ойлонуп өткөн күндөрүм.
Эстедим баарын,
эстедим айыл түндөрүн,
Эркелеп чуркап,
койнуңда эркин чоңойгон,
Эстесем айылым
эзилип кетет жүрөгүм.

## КАРА-КУЛЖАМ

Асман тиреп тоолору кар жамынган,
Алтын бешик айылым төрү кенен.
Аркар, кулжа, кайберен оюн салган,
Аска-зоодо дартка даба чөбү белен.

Чар тарабы чалкыган эгин талаа,
Чалгы тийбей ширелген бетеге чөп.
Буудай, арпа, картошка, күнкарама,
Жайытында жайылган төрт түлүк көп.

Мөңкүп аккан суулары тоо башынан,
Толкун болуп көбүрүп толуп ашкан.
Бейиш жерим айылым Кара-Кулжам,
Тоолорунда кен байлыгы толуп жаткан.

Күлкүсүндөй кыздардын шыңгыраган,
Тунук булак тоо борунда шылдыраган.
Таза аба, салкын төрлүү Кара-Кулжам,
Тузуң татып, топурагың медер кылам.



## ЫРЫСКЫЛУУ ЭЛИМ МЕНИН

Биздин айыл тоо койнунда,
Бак-даракка курчалган.
Таза аба, мөлтүр булак,
Жашайт элим кут даарган.

Арча-кайың, жашыл белес,
Тоо гүлдөрү жайнаган,
Бут баспаган жерлери бар,
Түркүн куштар сайраган.

Меймандосчул келет элим,
Сый-урматтан жазбаган,
Карегиндей сактап жерин,
Душмандарга сатпаган.

Оту өчпөй коломтодо,
Казанда эти кайнаган.
Талыкпаган эмгекчил эл,
Төрт түлүк мал байлаган.

Тоолор менен жуурулушуп,
Тоолук болуп төрөлгөн.
Таза кандуу менин элим,
Кут-ырыскыга бөлөнгөн.

## КЫРГЫЗ ЭЛ АКЫНЫ ГҮЛСАЙРА МОМУНОВАГА

«Кыздарайдын»[1] аксакалы аталып,
Канча жаштар өзүңүздөн бата алып.
Келсеңиз да сексен жашка эжеке,
Кырктагыдай жүрөсүз го жасанып.

Сексен жашта курчуп турат оюңуз,
Селкилердей түздөп алып боюңуз.
Суусап турган элиңизге ыр сунуп,
Сексендеги куттуу болсун тоюңуз.

Кылым жашап, эркиңизден тайбаңыз,
«Кутман апа» сыйлыктарын алгансыз.
«Кут дүйнөдөй»[2] ыр, поэма жаратып,
Калган жашты кыргыз элге арнаңыз.

Эмгегиңиз сиңген ишмер болдуңуз,
Эл сыйлаган байбиче болуңуз.
Эр Манастын урпагы алчу медалды,
Эсеби жок алып, жүзгө толуңуз.

---

[1] *«Кыздарай»* – Республикалык чыгармачыл кыз-келиндердин бирикмеси.

[2] *«Кут дүйнө»* – Г. Момунованын поэтикалык жыйнагы.



## КАРА-СУУ РАЙОНДУК СОТУНУН СУДЬЯСЫ, СООРОНБАЕВ НУРЛАНБЕК КУРМАНБЕКОВИЧКЕ

Дээриңен чынчыл, таза, зирек болдуң,
Келечекке максатты бийик койдуң,
Максаттарың ишке ашып, элиң колдоп,
Ишеним арткан сайын элпек болгун.

Ширелип билим менен акыл кенчиң,
Сиңирдиң ата-энеңдин накыл кебин.
Турмуштун сыноосуна каршы агып,
Тургузгун акыйкаттын күчтүү чебин.

Калкыңа керексиң сен мына бүгүн,
Кудайым кут кылса экен ийгилигиң.
Баар таап эмгегиңен өнүп-өсүп,
Бийиктикке жеткен сайын ийилгиниң.

Ант берген ак жолуңан тайбай, иним,
Тең салмакта таразала элдин үнүн.
Эл тагдырын чеччү жолдо баратасың,
Артып алып моюнуңа оор жүгүн.

Бир боорум, ак жолуңан тая көрбө,
Багытың жеткирсе экен бийик өргө.
Башатын түз жолуңун ыйман коштоп,
Биригип кошулса экен даңгыр жолго.



## МАДАНИЯТТЫН МЫКТЫ КЫЗМАТКЕРИ, АКЫН, ЖАЗУУЧУ, ДРАМАТУРГ БАКТЫГҮЛ СЕЙИТБЕКОВАГА

Билем эже, билем сизди,
Кыялыңыз үлбүрөк,
Назик мүнөз, жумшак сүйлөп,
Жүзүңүздөн күн күлөт.
Жакшы тилек, жарым ырыс,
Жакшы койгон атыңыз.
Атыңызга төп келишип,
Бийик сиздин бактыңыз.
Бакыт, байлык сизде баары,
Уул, келин, небере,
Том-том чыккан китептер ал,
Бакыт эмей эмине.
Бийик, таза жан дүйнөңүз,
Ыр төгүлгөн, акынсыз,
Жакшылыктар жандап жүргөн,
Эл сыйлаган асылсыз.
Жөлөк болуп канчаларга,
Колуңузду созосуз.
Келечектин Кудай сүйгөн
Улуу акыны болосуз.

## САРНОГОЕВ-КИТЕП

Кыргыз барбы Байдылданы билбеген,
Учкул сөзүн пайдаланып жүрбөгөн.
Талуу жерден кармап жазган ырына,
Таасир алып, жан жыргатып күлбөгөн.

Жатка билип ар бир сабын окурман,
Жата калып жакшы ырларын окуган.
Сарногоев ырга кошуп көргөнүн,
Туз татытып сатира ыр токуган.

Достук азил, тамашадан куралган,
Ырларында болгон эмес эч жалган.
Май тамызып, от тутантып ырына,
Жасалмасыз бетке айтып чын жазган.

Сыя тамбай, каламинен мурч тамган,
Райкандай Байдылда да курч жазган.
Мидин сындуу аты чыгып ыр менен,
«Ак молдону» татып коюп сын алган.

Түпкү теги болгон экен Кушчудан,
Таасир алып өскөн дешет ырчыдан.
Үлгү болуп Эшмамбет, Чоңду, Жеңижок,
Комуз чертип, ырдаганы ушудан.



Туулган жери, ата-теги Таластан,
Ак калпагы сымбатына жарашкан.
Отчёт берип акын кыргыз элине,
Улут үчүн улуу ырларын жараткан.

Эл ичинде ураан болуп ырлары,
Байдылдадай болсок дешет бир даары.
Сарногоев атындагы сыйлыкка,
Жетсин дайым ырын сүйгөн урпагы.

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЙМ

Байлыгы – ыр, балдары – ыр көрүнгөн,
Бир өмүрү ак баракка төгүлгөн.
Мүлдө кыргыз окуп бүткүс ырлары,
Мезгилдердин сынагынан өрүлгөн.

Курдаш болуп Абдрасул, Мидинге,
Түгөлбайлар бирге чыккан темине.
Замандашы Аалы берип жардамын,
Темиркул да жол көрсөткөн кезинде.

Өлбөстүккө өжөр карап, шыктанган,
Өмүр баркын улуу акын сезе алган.
Улуу ойчул Гёте, Шота, Пушкиндин,
Эмгегинен өмүр улап, дем алган.

Акын өзүн сын көз менен караган,
Кең пейилдүү, ачык болгон ал адам.
Тээ алысты көрө билип, өлбөстөй,
Кайра кайтып жолугаарын аңдаган.

Азап чегип, жөтөл алып кубатын,
Ден соолуктун көрө албады ыраатын.
Жалгыз кызы Жыпарынан айрылып,
Жытын искеп, бөлүшпөдү кубанчын.



Айдай сулуу, Айдай кызга жетпеди,
Сокку болду Зейнеп үйдөн кеткени.
Жоро-жолдош көңүл улап кээ бирде,
Кеп салышат болсо экен деп бир теңи.

«Үйлөнгөнгө оюң барбы чынында,
Үйдүн ээси жарың болсун жаныңда».
Деген сөзгө башын чулгуп ойлонуп,
«Дартым күчтүү» убал го дейт «ал кызга».

«Менин эмки жан жолдошум каламым,
Күн-түн иштөө азыр менин талабым.
Эмгектер көп, убакытты уттурбай,
Элим үчүн бир чоң эмгек жасайын».

Деген акын, келечекке ыр жазган,
Ар бир ыры түгөнбөгөн чоң дастан.
Келгис сапар кетсе дагы түбөлүк,
Кенч калтырды муундарга сөз баккан.

Жалгыз басып, жүрөгүнө сыр каткан,
Көңүлү суз, жан дүйнөсүн муң баскан.
Улуу акындын уул ордуна калтырган,
Жолун улаар ырлар калды из баскан.

Аз өмүрдө жазып кеткен өз атын,
Алыкулдай чыксын элден чоң акын.
Келечектин муундары билсин деп,
Жүз жылдыгын өткөрөлү, кел калкым.



## УЛУУ ИНСАН ЖАШАЙ БЕРЕТ ТҮБӨЛҮК

Ырга салып түрдүү обон жараткан,
Ыргагында сүйүү, куса шар аккан.
Өлбөс талант, өчпөс изин калтырган,
Өмүр улаар ырларында бар арман.

Аккордеон сыздап, коштоп дирилдей,
Авазы да таңшып булбул үнүндөй.
Улуу талант, улуулукка жол салган,
Көөдөн кербей, жөн адамдын бириндей.

Турмуш сынап өкчөп, калчап тымызын,
Уул көрбөй өттү өмүрү жылдыздын.
Тагдыр жолу, канча ирет чектелип,
Ташыркатты буттан чалып мыктысын.

Талант өссө ташты жарат, бул чындык,
Оттой улуу обон жазды миң жылдык.
Чокту салган жүрөгүнө кыздардын,
Чоктой ырдан алалбады бир сыйлык.

Кайталангыс талант калбайт бүдөмүк,
Кайрыктары миң кайталап күүлөнүп.
Рыспайдын ыры ырдалып кылымга,
Улуу инсан жашай берет түбөлүк.
Улуу ырлары жашай берет түбөлүк.

**Авто кырсыктан каза болгон классташым, досум**
**АВАЗБЕКОВА АЙНУРАНЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЙМ**

***Айнура, элесиң ар дайым биз менен***

Жазайын деп топтогом ырды,
Көңүлгө багып көптөгөн ойду.
Топтолгон ойду желге учуруп,
Суук кабар келди армандуу, муңдуу.

Тилинди жүрөк, ыйладым боздоп,
Эстедим өткөн күндөрдү ойлоп.
Жайнаган гүлдөй жан элең досум,
Жаш кеттиң неге арманды козгоп.

Өлүмгө мынча шашылдың досум,
Аманат сөзүң айттыңбы досум.
Атаңды жоктоп ыйлачу элең,
Сагынып издеп кеттиңби досум.

Кабылып жолдо кырсыкка досум.
Ажалга башты ийипсиң досум.
Түнөгүң кылып түбөлүк жайды,
Оо дүйнөгө узапсың досум.



Жүрөктө муңуң бар эле досум,
Инини жоктоп зар элең досум.
Кайгырып, ыйлап жүрбөйүн деп,
Аларга жакын кеттиңби досум.

Жүрөгүң таза жан элең сонун,
Жүрүшүң дайым жаз эле сенин.
Күтүүсүз жерден күбүлдүң досум,
Балдарга айтар бар беле кебиң.

Аяшты кимге таштадың досум,
Балдарды неге какшаттың досум.
Өмүрү кыска жакшынын дешет,
Артыңда калды жакшы атың досум.
Жайың жаннатта болсун, Айнура досум.

# Махабат ырлары



## МАХАБАТ

Махабаттын таттуусу эй, азабы,
Мөлтүрөгөн тунук суудай тазабы,
Магдыратып акылыңдан азгырып,
Майыштырып берет тура жазаны.

Күнү-түнү жол каратып жазгырган,
Күтүү ырын, сүйүү ырын жаздырган.
Күдөр үзбөй күтүп жүргөн махабат,
Күбөсү сен ушул ырдын жазылган.

Байкабастан сары ооруга кабылгам,
Бакытымдай көрүп сени сагынгам.
Биздин сүйүү жанар оттой жалындап
Бүтпөөчүдөй, шондо неге жаңылгам.

Кызык күндөр издесек да табылбай,
Канчалаган ырлар калды жазылбай.
Капилеттен түшө калсам эсиңе,
Кантип эле жүрөсүң сен сагынбай.

Махабаттан жазайын мен эскерме,
Мендик элең жалындаган кездерде.
Менин ырым сагынычты таркатсын,
Мээрим салып окуп жүргүн кез-кезде.

## ЭКӨӨБҮЗ

Мезгилдер учат шамалдай согуп,
Жаштык кез кетет карылык тооруп.
Тарбия берип балдарга жакшы,
Карысак мейли, кадырлуу болуп.

Өкүнбөс болуп өткөнгө кийин,
Өмүрдү баалап жашайлы бүгүн.
Эртеңки күндү ким билет, кандай,
Жашоо деген чечилбес түйүн.



## ЖОЛООЧУГА

Бүлүк салып сезимге,
Бүлдүрдүң эх, баардыгын.
Жолукпай кырчын кезимде,
Жолуман мени азгырдың.

Ойлорум азыр бүдөмүк,
От болуп турган убагым.
Жаркылдап ойноп күлүүгө,
Жол бербейт го курагым.

Жолоочу болуп токтобой,
Жаныман эми өтүп кет.
Суранам сенден, суранам,
Болбосун кийин баары кеч.

## КЫЗГАНАМ...

Билбейм
качан, кайдан жолукканың,
Кызганыч,
кыйнап мени тооруп алдың.
Толгонуп,
түмөн ойдун кучагында,
Бүгүн мен,
кызганычтан ооруп калдым.
Негедир,
суз тарткансып туш тарабым,
Жалынсыз,
жүрөк күйүп, куйкаландым.
Сабырсыз
жанга окшоп жолдошумду,
Капырай, күндө неге кызганамын.



## КЕЗДЕШҮҮ

Капилет жолугушкан ушул кечте,
Кадалган каректериң сезип турдум.
Көзүңө тик кароого батына албай,
Калп эле таанымаксан болуп койдум.

А бирок, чок жуткансып курган жүрөк,
Алоолоп ээ-жаа бербей согуп жатты.
Азыркы болуп жаткан көз ирмемдер,
Өңүмбү же түшүмбү, чынбы, калппы.

Качанкы өткөн күндөр бийлеп эрким,
Зал ичи аба жетпей тарып барат.
Ойлорум сени менен жуурулушуп,
Көздөрүм сыр билгизбей сырым катат.

Санаалар сапырылып, башым туман,
Музыка, оюн- күлкү кызыгы жок.
Батынып келе албайсың сен да мага,
Жаныңда жубайың бар көздөрү от.

## КАТ

Кабарың билбей,
күтүүдөн жүрөк жанчылды,
Кайрылып келбей,
Козгодуң менин дартымды.
Кайдасың айтчы,
Кай жерде, кантип жүрөсүң,
Кейишке салбай,
Билдирсең боло дайыныңды.

Күттүрбөй келип,
Жашоомо жарык себип кет,
Жазылган далай,
Кат-кабар турат алып кет.
Күтүүдөн талбай,
Жолуңдан күтөм карайлап,
Жолуңду буруп,
Жолоочу болуп келип кет.

Издегим келди,
Издөөгө турмуш жол бербей,
Катымды жаздым,
Кечигет неге жооп келбей.
Жообуңду берип,
Жол түшсө мага кайрылгын,
Жолуңду күтөм,
Бир өмүр күтөм кош дебей.



## КҮТҮП ЖҮРӨМ

*(Жигиттин арманы)*

Аппак кар андан бери канча жаады,
Арманга салып кеттиң курган жанды.
Айчылык жолдон эмес айылымдан,
Алдыргам колумдагы таалай-бакты.

Башкага бүлө болуп муңга салдың,
Жаратканды күнөөлөп ыйлап алдым.
Бул ааламда бар, жогум унутулуп,
Жалгыз калып өзүңдү таппай калдым.

Негедир кышты күтөм сени эстеп,
Аппак кар ак сүйүүмдүн элеси деп.
Арзыган ак сүйүүмө жетпеген соң,
Арманда күтүп жүрөм көрөмбү деп.

## АК ТИЛЕК

Бир болуп жолдорубуз,
Бир чыккан ойлорубуз.
Түбөлүк калсын эми,
Кармашып колдорубуз.
Сырдашкан Айлуу кечте,
Өткөн күн калсын эсте.
Өткөрүп жакшы күндү,
Сый-урмат болсун бизде.
Жаман сөз ээрчибесин,
Жүрөктөр эзилбесин.
Бактыма көз арткандар,
Жол тосуп кезикпесин.
Жашоодо жаңылбайлы,
Жаштыкка алдырбайлы,
Көңүлгө бүлүк салып,
Көздөрдү жазгырбайлы.
Кудайым өмүр берсин.
Ден соолук, кошо келсин.
Ынтымак, ырыс орноп,
Жакшылык боло берсин.
Бир болуп жолдорубуз,
Бир чыккан ойлорубуз.
Түбөлүк калсын эми,
Кармашып колдорубуз.



## СҮЙГӨН ЖАНДЫН БАРЫ КАНДАЙ КЕРЕМЕТ

Жаз жүрөккө өчпөс изин калтырган,
Сүрдөттүргөн сүйүү кайда жашынган.
Баркын билбей ошол аппак сүйүүнүн,
Мен ошондо өз сырымды жашыргам.

Жолум тосуп таанышууга ашыксаң,
Жаштык кылып, уяң тартып басынгам.
Бир өмүргө тете улуу сезимди,
Сен болгонсуң, айтып мага батынган.

«Сени сүйөм!» деген сөздөн гүл өнүп,
Күчтүү соккон дал ошондо жүрөгүм.
Периштедей канат байлап сезимдер,
Көктө учуп жүргөнүмдү билемин.

Дегдеттирип көңүл кушун учурган,
Сүйгөн жандын бары кандай керемет.
Алоолонгон махабаттын күчүнөн,
Уйку качып, жүрөк кылы серпилет.

Кандай бакыт, сүйүп өмүр өткөнү,
Ушул тура жаштык кездин көктөмү.
Сүйүү көлүн бирге кечип түбөлүк,
Боло берсин махабатка өрттөнүү.
Кандай сонун жаштык кездин көктөмү.

## АК СҮЙҮҮГӨ КЕЧ КИРБЕЙТ

Ошол кезде жаш элек эх, жаш элек,
Шарап ичпей, шапар тепкен мас элек.
Он сегиз жаш, өрттүү кези өмүрдүн,
Шуулдаган жаш кайыңдай наз элек.

Ошол күндөр өтпөөчүдөй кез эле,
Өттү күндөр, өттү бизден тез эле.
Махабатты ыйык тутуп багынткан,
Назик жүрөк картайбайт го эч эле.

Жалындаган ак сүйүүгө кеч кирбейт,
Таза тунук махабат эч эскирбейт.
Жазы өтүп, күз келгенде өмүргө,
Келген сүйүү ойго салып, эсти жейт.



## СҮЙҮҮ САПТАРЫ

Айтылбай жүргөн ичке каткан
сырым бар,
Өзүңө деген жазылып жаткан ырымда ал.

* * *

Күткөнүмдү сен деле жакшы билесиң,
Сүйдүрүп коюп сыр бербей неге жүрөсүң.

* * *

Убайга салып түшүмө тез- тез киресиң,
Түйшөлтүп жанды, уйкумду бузат элесиң.

* * *

Азапка салбай арманым менин сезсеңчи,
Түшүмө кирбей, өңүмдө эле келсеңчи.

* * *

Ак сүйүүгө кезикпесең өмүр супсак,
Азабын тарт, махабат балын ууртап.

* * *

Мансап күтүп, башың жетсе булутка,
Алган жарды алмаштырып курутпа.

* * *

Махабатты арманга алмаштырбай,
Түбөлүк бир болгула карыш жылбай.

* * *

Жашоонун даамын татып сүйүү менен,
Жашагыла эриш-аркак дүйнө кенен.

* * *

Аппак сүйүү тоскоолдукка кабылбасын.
Арзышкандар туура жолдон жаңылбасын.

* * *

«Сүйүү жок»,–деп айтат кээ бир келжирек,
Сүйүү балын татып калгын элжиреп.



## СЕН МЕНИН ӨМҮР ЖАЗЫМ

Салмактуу, сабыр күткөн жан шеригим,
Сырыңды айтчы деги, барбы кебиң.
Сызылып ичке катып кызганычты,
Сыр бербей, акыл калчап турган кезиң.

Түн катып ырлар жазсам терикпеген,
Ырымды окуп, сындап зерикпеген.
Төнкөрүш жасабастан жан дүйнөмө,
Ызаттап акыл-насаат берип келген.

Адамдын адамдыгы улуулукта,
Жакшы сөз жан эргиткен жылуулук да.
Алдыга сүрөп мени шыктандырган,
Жолдошум сен болгонсуң ушул ырда.

Ала тоодой кенендик, бийиктик бар,
Ак көңүл, токтоо мүнөз пейилиң ал.
Аздектеп жан дүйнөмдү аярлаган,
Адамдык асыл сапат кыялың бар.

Сен барда баскан жолум ачык дайым,
Сен менен бирге өтсүн өмүр жазым.
Сындырбай көңүлүмдү бапестеген,
Сен менин Кудай кошкон асыл жарым,
Сен менен бирге өтсүн өмүр жазым.

## СҮЙҮҮ БЕРГЕН АСЫЛ ЖАН

Токтоо мүнөз
жан элем,
Сырларым ичке
катылган.
А бирок азыр,
оттой жанып
көздөрүм,
Ак сүйүүгө
кабылгам.
Колго алалбай
өзүмдү,
Ойлорум турат
чачылган.
Кантем эми?
Таппай турам
өзүмдү,
Махабатка
малынган.
Түнөк кылып
жүрөктү,
Сүйүү турат
жаңырган.
Бүлүк салып,
дабасы жок



оорутуп,
Жан дүйнөмө
катылган.
Күнү-түнү
күттүрүп,
Сезимиме
жашынган,
Махабатым
сен болдуң,
Сүйүү берген
асыл жан.

## СӨЗ БЕРСЕҢЧИ

Суранамын чалба мага,
Телефондон тынчым алып.
Жолугушчу күндөр биздин,
Калган небак кайчыланып.

Эске салып өткөн күндү,
Жолугууга келгиң барбы.
Ал оюңдан кайткын азыр,
Келген менен пайда барбы.

Албай койсом чалууларды,
Жалыны жок күйдүм дебе.
Махабатты бийик тутуп,
Унуталбай жүрдүң беле.

Кандай кылсам, унуткарып,
Дарегимди өзгөртсөмбү.
Же болбосо, «тынчың алып
чалбаймын» деп, сөз берсеңчи.

Колго алалбай телефонду,
Сансыз ойго батып турам.
Жооп чыкпайт менден оңдуу,
Суранамын, чалба улам.



## КОШТОШУУ АЗАБЫ

Капыстан кайдан келдиң,
Көңүлгө бүлүк салып.
Жаралуу жүрөгүмдү,
Козгодуң тынчым алып.

Бирикпей жолдорубуз,
Адашып калган элек,
Арзышкан махабаттын,
Болгону жалган эмес.

Унутпай бир өзүңдү,
Бир өмүр күтөм дегем.
Качандыр келээриңди,
А бирок сезээр элем.

Кайрылып келгениңе,
Турамын жетине албай.
Үй-бүлөм бар экенин,
Унуттум эсиме албай.

Каректен тамчы жашым,
Мөлтүрөп төгүлө албай,
Жанында көпкө турдум,
Коштошуп бөлүнө албай.

## МЕН КҮТКӨН МАХАБАТ

Мен сизди кол жеткис бийик десем,
Сиз мени назик гүлдөй сүйдүңүзбү?
Сиз деген сезимиме бүлүк салып,
Же менин ойлорумду билдиңизби?

Мен сизден жылуулук издеп жүрсөм,
Сиз дагы көңүл бөлүп жүрдүңүзбү?
Сезимди бир бүтүнгө айландырып,
Мен күткөн махабатым келдиңизби?



## КҮТҮҮ

Качандыр келет го деп,
Жолуңду канча күттүм.
Күтүүдөн жүрөк кургур
тилинип, күйүп бүттүм.

Билемин, үй-бүлөң бар,
Бошотпойт алар сени.
А бирок, ак сүйүүчү,
Унутта калдымбы эми.

Көрсөтүп карааныңды,
Жолугуп кетсең боло.
Качанкы сезимдерим,
Бөксөрбөй дале толо.

Жүрөгүм күйүп турат,
Жалынын сезесиңби?
Күткөнүм билсең эгер,
Кайрылып келесиңби?

Апакай тун сүйүүмдү,
Кайтарып бересиңби?

## ОЙЛОЙСУҢБУ

Качандыр жолугушкан күндү ойлоп,
Көз алдыңа өткөн күндөр тартылар.
Күлкү чайып, жүзүң сырдуу албырып,
Капилеттен сүйүү нуру чачырар.

Кирген болсом же түшүңө, түйшөлтүп,
Каптап жалын, түндө уйкуң ачылар.
Өткөн күндү кайрый албай ошондо,
Өрөпкүгөн санааң дагы басылар.

Менсиз деле өтүп жашооң нугунда,
Ойлор гана мени карай азгырар.
Мезгил өтүп, бет алдыңан кезиксем,
Бөтөн жандай каласың го тааныбай.



## ӨМҮР

Жашоо кызык, өткөн күндөр көз ирмем,
Келээр күндөр көз жетпеген закымдай.
Кубулмалуу жалган дүйнө бири кем,
Бүгүн көргөн эртең болбойт ушундай.

Жарык нурдан жан дүйнөгө алып дем,
Тирүүлүктүн күүсү турсун бузулбай.
Өз кезинде болот туура баары тең,
Өткөн жаштык келбейт кайра утурлай.

## УШУЛ БАКЫТ

Жаштыктын жаз жыттанган талаасына,
Калтырып өмүрүмдүн жашыл жазын,
Тагдырдын сызып койгон маарасына,
Жетсем деп өрдү карай ашыгамын.

Ашыгам артка кылчак карай албай,
Мезгилдин өткөөлүнөн жолду карап.
Токтобой желдей сызат жаштыгым ай,
Саргайган жалбырактуу күзгө таяп.

Күз келсин, күз таянган кандай бакыт,
Жакшылык, берекеси ашып турган.
Жашоомду шаңга бөлөп күлкү-шаттык,
Кубантып неберелер оюн курган.

Небере күлкүсүнө үйүм толуп,
Балдардын бактысына көңүл тунган.
Жакшылык күндү мага ыроологон,
Кудайга шүгүр кылам, өмүр сунган.



## ТИЛЕК

Жүрөктөр бирдей кагып,
Көздөрдөн нурлар жанып,
Табышкан эки жашка,
Каалайбыз сүйүү, бакыт.

*Кайырма:*

Жүрөктөр эзилбесин,
Дөөлөтү кемибесин.
Ортодо бала ойноп,
Ооматы кошо келсин.

Билдирип сезимдерин,
Бекемдеп ак дилдерин.
Өрнөктүү өмүр сүрүп,
Өткөрсүн мезгилдерин.

*Кайырма:*

Жүрөктөр эзилбесин,
Жакшылык тегиз келсин.
Жараткан жарчы болуп,
Балдарды эгиз берсин.

Жаштыктан жаңылбасын,
Жашоодон жабыкпасын.

Кадамды кенен таштап,
Кемибес бакыт тапсын.

*Кайырма:*
Жүрөктөр эзилбесин,
Кендири кесилбесин.
Жүз жылга өмүр сүрүп,
Карылык мезгил келсин.

Балдардын сыйын көрсүн,
Небере көрүп сүйсүн.
Чебере жытын искеп,
Мезгилдин доорун сүрсүн.

# Насаат ырлары

## ШҮГҮР АЙТЫП ҮЙРӨНГҮН

Жакшылыктын көрүп дайым жыргалын,
Жамандыктын тартпагыла муң-зарын.
Жашооңорго тегиз чачып мээримин,
Жаратканым колдоп турсун ылайым.

Жашагыла барын билип дүйнөнүн,
Жашоо көркү көр дүнүйө деп билбегин.
Жан дүйнөнү ыйман менен аруулап,
Жаратканга шүгүр айтып үйрөнгүн.



## ЫЙМАН БЕРСИН

Бөлүштүм ойлорумду силер менен,
Болушса керек го деп сырга терең.
Таптаза ойлоруман күмөн санап,
Калп курбу болбогула мени менен.

Жаман сөз оздон чыкса атылган ок,
Көңүлдүн түпкүрүндө калат ал чок.
Жүрөктү оорутушуп албайлычы,
Жасалма мамилеге көңүлүм жок.

Жаз болгон жүрөктөргө муз тоңбосун,
Жайдары көңүлүбүз суз болбосун.
Кыялдын кырс жактарын көрбөйлүчү,
Кудайым ыйман берип өзү ондосун.

## МЕНИН ДҮЙНӨМ

Мен аялмын, намысты бек кармаган,
Мезгил менен тең жарышып талбаган.
Маани бербей майда сөзгө, терикпей,
Мен дүйнөмдү ыр аркылуу тандагам.

Майда сөздөн майтарылып калбагам,
Менин жашоом өз нугунан тайбаган.
Мейли сөз кыл, мейли мени карала,
Мен чыйралып ырлар жазам кайрадан.

Башкаларга тийбесе да жарыгым,
Бакыт көргөн ырларым бар – азыгым.
Бөлүнсөм да катардагы курбудан,
Бөлүнбөгөн ырдын аткан таңымын.

Максатым бар, жолдорум бар тандаган,
Ушул жолго ырларымды камдагам.
Убакытты уттурсам да кечигип,
Мезгил келди акындарды жандаган.
Мен дүйнөмдү ыр аркылуу тандагам.



## ТАГДЫР

Турмуш деген агып жаткан дайрадай,
Бир калыпта тура бербейт чайпалбай.
Толкун болуп албууттанып урунуп,
Башка нукка ооп кетет байкалбай.

Ошол толкун бүт жашоону өзгөртүп,
Бир заматта ойрон кылат тилекти.
Албууттанбай терең карап жашоого,
Сабыр кылып сакташ керек жүрөктү.

Толкунуна каршы туруп турмуштун,
Сыноосуна сынбай өткөн жандар бар.
Тагдыр ташы өйдө-төмөн өкчөлүп,
Жээкке урунган пенделерде арман бар.

## ӨМҮР

Күлгүн жашты билинбестен уратып,
Көзгө илешпей өтүп жатат убакыт.

* * *

Кеч күздөгү жалбырактай дирилдеп,
Мезгил келсе үзүлөбүз бириндеп.

* * *

Өмүр деген таттуу бирок ченелүү,
Арман кылбай өмүр баркын билели.

* * *

Ажал улук токтоп, күтүп туралбайт,
Өмүр жиби үзүлгөн соң уланбайт.

* * *

Өмүр өтөт билинбестен уурданып.
Бекер жүрбө өткөн күнгө кубанып.

Өмүрүбүз канча калды, караңгы,
Туура жолго таштайлычы кадамды.

* * *

Өмүр өзү кандай бакыт, керемет,
Өмүр берсин, андан башка не керек.



* * *

Өмүр деген артка акпаган дайрадай,
Пайдалагын өз бактыңды байлабай.

* * *

Байлык топтоп, атак-даңкка жетебиз,
Ажал келсе куру жалак кетебиз.

* * *

Дүр-дүнүйө мурас болуп калалбайт,
Ажал келсе арачалап алалбайт.

* * *

Өткөндү кой, бүгүнкүгө канагат,
Бул жашоодо жашайбыз биз аманат.

* * *

Өмүр кыска, берген эмес энчилеп,
Өткөн күндү күтпө эми келчи деп.

## НАСААТ ЫР

1

Бекер жүрбөй
эмгектен,
Ден соолуктун
барында.
Каруудан күч
кеткен соң,
Арман кылып
кайгырба.

Ичкиликке
берилип,
Көчө таптап
баспагын.
Жеңил ойго
алдырып,
Абийриңди
сатпагын.

Окуп, иштеп
талыкпай.
Намысты бек
сактагын.
Ата-энеңдин
үмүтүн,



Адам болуп
актагын.

Убакытты
уттурбай,
Туура жолду
тандагын.
Аз өмүрдү
кор кылып,
Арам жолго
баспагын.

Күлгүн жаштык
кезиңде,
Окуп, иштеп,
ойноп ал.
Жаштык өтүп
кеткен соң,
Чакырсаң да
келбейт ал.

2

Жашоо кызык салтанат,
Баалай билсең өмүрдү.
Эмгектенсең талыкпай,
Күндөр өтөт көңүлдүү.

Өмүр өтөт билинбей,
Арман кылып албагын.
Ар бир күндү маанилүү,
Өткөрүүгө чамдагын.

Жокко чөгүп жабыгып,
Башты жерге салбагын.
Жеңил ойго алдырбай,
Туура жолду тандагын.

Жаман жүрсөң кер аяк,
Артыңан кууп сөз жетет.
Каныңда болсо терс адат,
Уругуңа доо кетет.

Өз баркыңды коротуп,
Жалпактаба бирөөгө.
Жалган айтсаң жагынып,
Каласың чоң күнөөгө.

Сөз ташысаң ушактап,
Бир күн жүзүң ачылат.
Төштү кагып мактансаң,
Ар-намысың чачылат.



Жалкоолукка алдырбай,
Жан-жагыңды жыя жүр.
Сүйлөй бербей тажатып,
Сөзгө конок бере бил.

Ичке каткан сырыңды,
Ар кимге эле айтпагын,
Достун дагы досу бар,
Сырдаанабы байкагын.

Көөдөн толгон муң-зарды,
Күлкү менен жууп сал.
Беделиңди түшүрбөй,
Белди бекем бууп ал.

Наалый бербей жөнү жок,
Эртеңкиден үмүт кыл.
Жакшы жашоо, сый-урмат
Өз колуңда, билип жүр.

Турмуш деген табышмак,
Жандырмагын чече бил.
Жашоо менен күрөшүп,
Кадырына жете бил.

## 3

Назик кыздар, эркекче сөкпөгүлө,
Ата-эненин ар-намысын төкпөгүлө.
Арам жолго адашып түшүп алып,
Бактыңарга балта чаап, чөкпөгүлө.

Чылым чегип, тескери баспагыла,
Дилиңерди, тилиңерди сатпагыла.
Чолок этек кийинип, чоң көчөдө,
Дене сатпай, эне сүтүн актагыла.

Чындык сөздөн чыйрыгып качпагыла,
Кыз намысты, абийирди сактагыла.
Болочокто баатырды төрөй турган,
Энесиңер, өзүңөрдү бarktaгыла.

Жаштык өтөт, келечекти ойлогула,
Жаркылдап күлүп-жайнап ойногула.
Күлгүн жаш таза бойдон эсте калсын,
Өмүрдү арман кылып койбогула.
Түбөлүктүү бакыт тоюн тойлогула.



## ПЕНДЕЛЕР

Жаман адам, өз жакынын каралайт,
Жакшылыгын бөлүшүүгө жарабайт.

* * *

Мерез адам бир тууганды ойлобойт,
Кайын журтка сөз тийгизбей корголойт.

* * *

Ойсуз адам үйгө турбай талаалайт,
Тамак-аштын бары-жогун карабайт.

* * *

Ыйманы жок ата-энесин күнөөлөйт,
Ырысы жоктун арыз-муңу түгөнбөйт.

* * *

Ушакчы адам чын-төгүнүн ылгабайт,
Жалган айтып оң-тетири бурмалайт.

* * *

Печел адам жарытылуу иш кылбайт,
Пейили жаман бергенди да аш кылбайт.

* * *

Көөдөнү көр, өзүн мактап жар салат,
Боюн керип, көрүнгөнгө каш кагат.

* * *

Жаман жүргөн эч нерсени ылгабайт,
Күнөө кылган акыр түбү жыргабайт.



## МУГАЛИМДЕРГЕ

Окуучунун көрөңгөсүн
билим менен толтурган.
Айта турган ойлорун
бир сөз менен туюнткан.
Көрө билип алысты,
сабатсыздыкты жоюшкан.
Мугалимдер жашасын,
дилине акыл уюткан

Эмгегин арнап эл үчүн,
жаштарды алга сүрөгөн.
Агартып дилин балдардын,
жарык жолго үндөгөн.
Ардактап сүйгөн кесибин,
тили менен гүлдөгөн
Мугалимдерге алкыш-даңк,
кырк беш минут сүйлөгөн.

Тарбия, билим акталып,
Мыктылар элде көп болсун.
Кадырыңар оболоп,
Оомат, ырыс, кут консун.
Эмгектин көрүп үзүрүн,
Тапканыңар мол болсун.
Мугалимдер, бүгүнкү
Майрамыңар кут болсун.

## БИРИККИЛЕ КЫРГЫЗ ЭЛИМ!

Аттиң дүйнө, бул замана кайда барат,
Адамдар да жылдан-жылга майдаланат.
Адилетти, ар намысты четке кагып,
Арсыз жандар, алсыздарды пайдаланат.

Крыловдун тамсилиндей эске түшүп,
Козу сымал коркуп турам денем үшүп.
Карышкырдай жаалданган кан ичкичтер,
Карганышат, актанышат жалын бүркүп.

Эр жигиттер эрктүү болбой бошоп барат,
Эл тоногон эргулдарың жүрөт азат.
Эсти алган арактан кылт-кылт жутуп,
Эрендериң эл башына салат азап.

Манас чыккан кыргыздан бийик элбиз,
Мезгил келсе муштумдай биригебиз.
Мекен жүгүн артынбай анда неге,
Максаты жок өлкөдөй бириндейбиз.

Бүтүн кыргыз Ата Журтка кол суналы,
Бөлүнбөстөн болоор ишти болтуралы.



Биримдиктүү, уюткулуу кыргыз элдин,
Бөксө жерин ынтымакка толтуралы.

Байыртадан нарк-насилдүү кыргыз элбиз,
Башка элге башты ийип олтурбайлы.

## БААТЫРСЫҢАР КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ

Өткүрсүңөр, кыраан куштай тапталган,
Намыска бек, кыргызымдын жигиттери,
Ак калпактуу ала тоодой шаңкайып,
Жанып турган жылдызсыңар бийиктеги.

Силерсиңер, Манас ата урпактары,
Баатыр мүнөз, кабыландай айбаттуу,
Бийиктеги шаңшып учкан бүркүттөй,
Мырзасыңар эрки күчтүү, кайраттуу.

Султансыңар, улуксуңар жигиттер,
Айымдарга баркы бийик, салмактуу.
Түркүксүңөр түндүктү өйдө көтөргөн,
Үй-бүлөгө башчысыңар ардактуу.

Канжыгага башты байлап майданда,
Канча душман келсе дагы тайманбас.
Касиеттүү улуу тоону жердеген,
Кыргызсыңар, кыраансыңар жалтанбас.

Урпактарга үлгү болоор өчпөгөн,
Ак калпактуу, ар-намыстуу жигитсиңер.
Ата журттун туусун бийик көтөргөн,
Баатырсыңар, кыргызсыңар, бийиксиңер.



## ДОСТОРГО

Кандайсыңар бирге жүргөн досторум,
Силер менен жакшы күндү тоскомун.
Ынтымактуу күн кечирип жүрчү элек,
Эске түшүп, өткөн күндү козгодум.

Шылтоо кылып бир дасторкон четинде,
Бака-шака түшчү элек кечинде.
Ар-бир күндү шаңга бөлөп тосчубуз,
Азыр деле турат менин эсимде.

Кайда калды шартылдаган жаш курак,
Биз ойногон ошол күндөр мас курак.
Жаштык кезди эске салып дагы бир,
Достугубузду бекемдейли жакшылап.

Кабарлашып ден соолукту сурайлы,
Жолукканда шаң, салтанат курайлы.
Кол үзүшпөй сагынышып, көрүшүп,
Жан досторум карым-катнаш кылалы.
Достор деген антыбызга туралы.

## КҮЗ

Кышты күтүп камыккансып ыргалып,
Кайгы тартып тал-теректер шуулдайт.
Кеч күздөгү муздак жаанга дирилдеп,
Камгак болуп желге учат жалбырак.

Сур булуттар каптап көпкөк асманды,
Сапар алган канаттуулар кыйкуулап.
Жашыл белес, гүл талаалар саргайып,
Жөө тумандар самсаалашат коюлуп,

Көркко бөлөп алтын сары жалбырак.
Талаа-түзгө күз өкүмүн жүргүзөт.
Күздүн муздак жели бетти аймалап,
Таранчылар кышты күткөн өңдөнөт.

Кыз жигитке боюн таштап кыналып,
Көнөктөгөн жаандан качып корголойт,
Кары-картаң үйдү көздөй ашыгып,
Кыш быйыл эрте келеби деп боолголойт.



## СҮЙҮНЧҮ

Эх-ээй достор, туугандарым, тааныштар,
Кубанычымы уккулачы баарыңар.
Кырк жылкылуу болдук бүгүн, сүйүнчү,
Эркелетип, сагынычыбыз жазылар.

Жүрөк толкуп, кубанычка бөлөнүп,
Бутум-бутка тийбей жүрөм бүлүнүп.
Жакшылыгын жар салып досторго,
Чоң атасы учуп жүрөт сүйүнүп.

Эне болдум неберени жыттаган,
Үйдүн ичи эне сүтү жыттанган.
Уул-келиним бакыт, нурга чөмүлүп,
Бүгүн жарык, бүгүн шаңдуу бүт аалам.

* * *

Жан дүйнөң жабыркайбы,
Жалган сөз айтылганда.
Жаркылдап күлүп туруп,
Жүз үйрүп кубулганга.

Айтаарда ар бир сөздү,
Акылга салыш керек.
Аңкылдап асылгандан,
Абайлап качыш керек.

Жамандын жалган сөзү
Жакындан алыстатат.
Жароокер жанга окшоп,
Жүз түрдүү кебин айтат.

Себепсиз сүйлөй бербей,
Сөздү да багыш керек.
Көп сөздүү ушакчыны,
Көңүлдөн сызыш кажет.

Артынан сөз кылбастан,
Акты ак деген туура.
Андайлар сүйлөй берет,
Ага сен көңүл бурба.



## ЫРДАН КОЙДУМ ЭСТЕЛИК

Кырсык чалып, канча жандар кыйылган,
Кубанычтан азасы көп жылдарым,
Көөдөнү бош башчылардын айынан,
Кайран кыргыз көрдүң ненин жыргалын.

Кара түтүн жалмап, жайрап он төртүн,
Капилеттен кырсык чалган кыздарды.
Мезгил келсе аңыз кылып айтышаар,
Муздак табыт жөнөтүлгөн жылдарды.

Кан чыгарып, түлөө кылып чет элде,
Куран окуп, боздоп-сыздап турушкан.
Мекендештер элдин жүгүн көтөрүп,
Москвадан жардамга кол сунушкан.

Дене бойду дүргүткөн суук кабардын,
Акыркысы ушул болсун дегенбиз,
Аппак таңдын ажарынан кызганып,
Ажал жулуп кеткендерди не дейбиз.

Оо, шордуулар, шоруңар же кем беле,
Ойгоно албай, оо дүйнөгө кеттиңер.
Онтоп жаткан там астында кай бириң,
Ошол бойдон бейиш төрүн кездиңер.

Ажал болуп темир канат ободон,
От жуткузуп, куйкалады тирүүлөй,
Кээ бир үйдө толук бойдон бүлө жок,
Орду толгус отуз сегиз пендем эй.

Тагдыр жазса бешенеге жазмышын,
Тирүү жандар буйруганын көрүшөт.
Султан менен Жакшылыктын жашоосу,
Муңга толуп, жоктоо менен өтүшөт.

Ата-энеден айрылганын сезбеген,
Көөдөк балдар бир тууганcыз калышты.
Келечекте элдин камын ойлогон,
Балдар болсун көрө билген алысты.

Кан жутушкан туугандары качандыр,
Көксөсү сууп, көңүлдөрү толобу.
Каргашага себеп болгон күнөөкөр,
Каргыш алып же көрүнбөй коёбу.

Ооз бастыга акча берип жүз миңден,
Аткардык деп ойлошобу талабын.
Өлгөндөрдү алмаштырып акчага,
Сатып алып көрө алышпайт жамалын.



Айланса да аздык кылат элимен,
Атпай кыргыз тике туруп келишти.
Ак үй жака үмүт артпай биригип,
Азалууга кайрат кубат беришти.

Сурагы жок эргулдардын дайыма
Сакалары түшө бербейт айкүрү.
Алгандын да бермейи бар дегендей,
Акыретте жообун тартат ал түбү.

Көктү карап, жерде баспай буттары,
Көрсөтүштү журт башына азабын.
Аза күткөн бей-бечера элимдин,
Айтып бүтө албаймын го казалын.

## ОН ТӨРТ КЫЗГА

Өлбөөчүдөй жандар эле, өлбөөчүдөй,
Өрүк сымал эзилип бышып турган.
Өз элинен көрө албай келечегин,
Өзгө элге бакыт издеп барып турган.

Өмүр, өлүм алышып көз көрүнө,
Өзөктү өрттөп чаңырган үндөр калды.
Жалындаган тилсиз жоо ажал болуп,
Көк түтүнү кыздарды жайрап салды.

Кайран кыздар келечектен үмүт кылган,
Ажал тоорул тирүүлөй кан жуттуңар.
Акыркы ирет «апа» деген сөздү айтып,
Каран күн ай, шум ажалга бой урдуңар.

Боздоп, ыйлап, эскерип турат бүгүн,
Күнөөсү көп кыргыздын жигиттери.
Жаштайынан жайраган асылдарым,
Ата-энеңердин түгөнбөс күйүттөрү.

Сүйүктүү жар, кээ бириң эне элеңер,
Эстеп жүрөк эзилип, кейиште элиң.
Чын жашоодо көрүшүп он төртүңөр,
Оо дүйнөнүн көргүлө бейиш төрүн.



## КЫРГЫЗДЫ КЫРГЫЗ КЫЛААР КҮЗҮР БАРБЫ

Эр жигиттер, ар-намысты сатпагыла,
Элиңерге башыңарды катпагыла.
«Энеңи»,– деп эки ооз сөгүп алып,
«Эркекмин»,– деп аялыңарды чаппагыла.

Эркексиңби, Ата журтту сактагыла,
Элди тоноп, көмөчкө күл тартпагыла.
Эң биринчи адам болгун, эркек эмес,
Андан кийин ким экениң тактагыла.

Эркеги бар эшектин да аңкылдаган,
Аялдын бар көчө таптап закылдаган.
Айырмаңар алардан айрып алгыс,
Ажаан эркек болдуңар го арданбаган.

Абийрсиздер, заманга жүк артпагыла,
Эшек союп, арам тамак сатпагыла.
Өсүп жаткан наристе урпактардын,
Канын бузуп, күнөөгө чоң батпагыла.

Болгон эмес кыргызда мындай жорук,
Байлык үчүн мээси айныган эшек союп.
Арам тамак жедирген алкымы чоң,
Каргыш тийип калса экен эшек болуп.

Көңүлдөргө жик салып ылайлантып,
Кыргыз элдин башына муң айлантып.
Бар заманды тар кылган Кудай аткыр,
Күндөн күнгө көбөйүүдө кулач жайып.

Наристени уйпалап наадан чыкты,
Намысы жок, ары жок кайдан чыкты.
Ата аттан айланган каргыш тийгир,
Кызын бузган аңги эшек айбан чыкты.

Мырза эмес жарым жан гей болдуңар,
Анан барып кай келинге эр болдуңар.
Көргөн кезде силерди жүрөк канайт,
Эркек атка конгулачы эй, шордуулар!

Кызык болуп силерге төшөк оюн,
Бири-бириңи аңдышып тузак койдуң.
Эл башкарбай чабышып, эки-экиден,
Катындарча тытышып уят болдуң.

Каныңарда айланып бузукулук,
Кай жерлерде жүрөсүңөр улуп-уңшуп.
Кыз-келинди сыздатып баса калган,
Катынпоздор кетсе экен жүзүң куруп.

Шартты түзүп бергенсип элиңерге,
Сауннаны салдыңар деги неге.



Кыргыз кызын кытайга салып берип,
Арам ашты ал кылып жедиңер ээ.

Ушул кылган кечиримсиз күнөө үчүн
Убал-сообун тартасыңар анык, ал чын.
Энелердин көз жашын көтөрө албай,
Жер силкинип кетпесе экен акыр
бир күн.

Кыргызды кыргыз кылаар күзүрү жок,
Кыздар кетти кыйырга издээри жок.
Кур кыйкырык, жасалма, жүзү жылма
Эркеги бар а бирок, мээлери жок.

Эсти жыйып, ыйманга беттегиле,
Алдым-жуттум арсыздыкты чектегиле.
Ар-намыстуу кыргыздын кулуну элек,
Бабалардын арбагы уруп кетпегей эле.

Адилеттик жан дүйнөнүн тазалыгы.
Айтып койгон кызыл тилдин азабыбы.
Акты кошуп карага боёй бербей,
Ак-караны ачык айтып жазалычы.

# Эсселер түрмөгү жана аңгеме



## ЧАТАШКАН ОЙЛОР

### 1

Сүйүү, сүйүү демекчи, менин да жүрөгүмө жаңыдан сүйүү түнөгөн кез эле. Анан кайдан-жайдан тагдыр жолумда күтүүсүз бурулуш болуп кетип, жүрөгүмдүн ачкычын жоготуп алгамын. Ошол күндөн баштап ачкычы жок, жүрөгүмдө аруу сүйүүм катылган боюнча кала берди. Ооба, андан бери бир топ эле жылдар өттү. Ошентсе да мен үчүн ошол кездеги аруу сүйүүм сыяктуу, ачкыч да күнү-күнкүдөй жылтырап сынын жоготпой жүргөндөй сезиле берет. Бирок андай болушу мүмкүн эмес го. Мен ушунча эскирдим, жүрөгүмдүн ачкычы да эмдигиче эскирип, дат басып, тиштери саргайып калгандыр.

### 2

Сен дагы өткөн күндөрдү ойлоп, эстээр бекенсиң? Балким көр тиргиликтин казанында кайнап, күнүмдүк жашоо менен алпурушуп жүрүп унутуп калгандырсың? А менин сени унутууга акым жоктой унуталбай, канчалык унутайын деген сайын

жүрөгүм алоолонуп от болуп, азап тартып жүрөм. Эх, ал күндөр кандай сонун күндөр эле.

**3**

Андан бери канча суулар агылып, канча жолу өрүктөр гүлүн төгүп, канча жолу аппак карлар жаады. Эсептеген адамга көп эле жыл. А бирок мен үчүн кечээ эле болуп өткөндөй. Ошол биз өткөргөн бактылуу күндөр, бактылуу мүнөттөр эч эсимден чыкпай, ошондогу кыялдар менен жашап келем. Кызык, мен өзүм кыйла жашка чыксам да кыялдарым дале он сегиз жаштагыдай.

**4**

Кыялдар демекчи, кыялдануу да өзүнчө бир ички искусство болсо керек. Эгерде кыялдануу боюнча конкурс болсо «Сен жөнүндө» деген кыялдануу темасында биринчи орунду алмакмын.

**5**

Кыялдар го мейли, куру кыя болуп кала берсин. Көргөн түштөрүмчү? Акыркы күндөрү көргөн түштөрүм жанымды жай алдырбай, санаага салып келет. Кандай кылып жорушту билбей турам. Сен жана ал. Ал болгондо да менин жакын курбум. «Ээ, койчу, түшкө ар нерселер кире берет эмеспи» деп өзүмдү өзүм жооткотуп коём. Анткен менен жүрөгүм уйгу-туйгу. Ай ким билет, ким билет, экөөңдүн кимиңди күнөөлөрүмдү билбейм. Же өзүм күнөөлүүмүнбү ушундай түш көргөн?

**6**

«Түштүн мойну кылдай, кандай ошол жака ооп кете берет» дешет. Мен жакшылыкка жоруп жатам. Бирок жоруган менен эмне пайда? Кызык эле жанмын. Арадан канча жылдар өтсө дагы сен жөнүндө түш көрүп, кайра аны жакшылыкка жоруп, өзүмчө эле бушайман жеп, убарамын.

**7**

«Болду, сен жөнүндө ойлобоймун дагы, түш да көрбөйм» деп канча аракет кылдым. Аракетим ташка тийип, кайра эле ойлордун баары сен, сен, сен…

## МАХАБАТ

Адам баласынын жашоосун улап, өмүрүн токтотпой бир калыпта согуп турган жүрөк болот эмеспи. Ошол күчтүү жүрөктү багынтып, ээ-жаа бербей булкуп кабынан чыгарчудай соктурган сүйүүнүн кереметин кара. Негизи сүйүүнү экиге бөлүп карасак болот. Көз аркылуу сүйүү жана жүрөк аркылуу сүйүү. Көз аркылуу сүйүүдө көзүңдү ачсаң баардык нерсе көрүнүп, биринчисинен экинчиси кызыктуу болуп, жумсаң эч нерсе көрүнбөй калган сыяктуу бүгүн тапкан сүйүү эртең башкага алмашып кете берет. Ал эми жүрөк менен сүйгөн болсоң, ал чыныгы сүйүү. Унутууга да мүмкүн эмес. Ал тургай убакыт өткөн сайын сүйүү күчөп, көрүшпөй калсаң ансыз жашоонун маңызы жоктой сезилет. Жүрөккө түнөгөн сүйүүдөн качып кутула албайсың. Аппак сүйүү жүрөктөгү кан тамырлар менен чырмалышып, жүрөк соккон сайын сүйүң алоолонуп, күнү-түнү ой санааңан чыкпай, уйкудан калтырып, өңдөн簡 аздырат. Унутуш үчүн кандай айла-амалдарды



жасаба анын баары текке кетип, тескерисинче күч алып, азаптарга салат. Өмүрүңүн канча жашын жашаба, чыныгы сүйүү жүрөктү түбөлүккө багынтып, ошол эле убакта жүрөк ооруга чалдыккан болот. Бул оорунун диагнозу бирөө гана. Ал МАХАБАТ.

## ЭНЕ, БАЛА ЖАНА МУЗЫКА

«Балам бактым, балам базарым» дегендей, жашоо көчү бала менен уланып, бактылуу үй-бүлө түркүгү да бала менен бекемделери калетсиз. Кудайым бизге кыз бербесе да агартып уулдарды берди. Ушунусуна каниет кылып, шүгүрчүлүк кылабыз. Туугандар, дос-жарлар уулдарыңар бар, уулдарыңар келинчек алып келишсе бакпай-этпей даяр кыздуу болуп каласыңар деп калышаар эле. Аныларындай тун уулубуз келинчек алып келип, башыбызга баш кошулуп, кубанычыбыз коюнубузга батпай, келинибиздин кылган-эткенине, бизге жасаган мамилесине ыраазы болуп, бапырап жүрүп жыл айланганын байкабай калыпбыз. «Кудайым берем деген кулуна, белен кылат жолуна» деп, Кудайдын буйругу менен ширин небере кыздуу да болдук. Кызыбыздын атын Бермет деп койдук. Бул жашоодо эне үчүн алтымыш тамырын зыркыратып, жан дүйнөсүн элжиреткен баладан артык байлык болбостур ов! Келиним Бактыгүлдүн кызынын ууз жыты-



на, наристе күлкүсүнө тойбой балкып, түн уйкусун төрт бөлүп, уйкусуз түндөрдү кечирип, энелик жүрөгү менен мээримин төгүп, ошол эле убакта көздөрү киртейип, кирпиктери бири-бирине жабышып, кирпиктен тартсаң жыгылчуудай болуп уйкуга жетеленип турганын көрүп аяп, мен да балдарымы ушундай мээрим менен түнкүсүн түн күзөтүп уйку бетин көрбөй чоңойтподум беле. Мына эми ал күндөр бир күнчөлүк да билинбей калды. Ошол кездеги кылык-жоруктарын жылмаюу менен гана эскерип олтурам. Сен үчүн да ушул азаптуудай сезилген уйкусуз түндөрүң, күндөрдүн бир күнүндө бактылуу күндөрдүн элесин калтырып, жагымдуу жылмаюу тартуулайт, деген ойлорго жетеленип турдум. «Кудайым неберебиз Берметимин өмүрүн, ден соолугун, акылэсин берсин» деп тилек кылып суранып да жаттым. Берметимин күндөн-күнгө көзгө көрүнүп чоңоюп, кылык-жоругу чыга баштаган сайын чоң атасы экөөбүз жетине албай кубанып, көзүбүзгө көрүнгөн кызыл-тазыл, жалтырак-жултурактарды неберебизге деп сатып келе баштадык.

Бир күнү метродон чыгып келе жатсам бир орус улутундагы аял музыкасы бар оюнчуктун түрүн сатып туруптур. Дароо эле көзүмө жакшы көрүнгөнүнөн бирди сатып алып, үйгө жеткенче шашылдым. Келсем кызым уктап калыптыр. Тез-тез эле ойгонуп ыйлай берчү ыйлаак кызым мени сынагансып көпкө уктады. Ойгономенен кызымы колума алып, түрдүүрү менен кызымы колума алып, түрдүү-түстүү болуп өзгөрүп, тегеренип жаткан оюнчукту көргөзсөм моюнун созуп, оозу ачылып, көздөрүн бакырайтып бир топко таң калуу менен карап турду. Кызыбыздын оюнчукка маани берип элейип карап турушу биз үчүн күлкүлүү болуп каткырып жыргап эле калдык. Андан соң оюнчуктун экинчи баскычын басып койсом музыка жаңырды. Баятан таң калып турган кызым, бир аз тыңшап турду да бутун сербеңдетип, колун кыймылдатып бийлеп кирди. Курсагы ачканын гана билген төрт айлык наристебиз, жакындан бери апасын таанып, апасына талпынып ээрчип калган эле. Биринчи жолу музыканын ыргагына азгырылып колу-бутун сербелеңдетип бийлеп жатканын көрүп,



музыканын укмуштудай сыйкыры бар экенине дагы бир жолу ынандым. Болбосо музыка башталганда бийлеш керек деп ким үйрөттү дейсиң. Жан дүйнөнү аралаган сыйкырдуу музыканы ымыркай наристеден баштап улгайган адамдарга чейин котормосу жок түшүнүп, кайсы тилде болбосун муюп угуп, эргүү алары бышык окшойт. Эң кызыгы, бала эненин ичинде түйүлдүк болуп жаралгандан баштап киндик кан тамырлары аркылуу энеден азык зат, кычкылтек алып, өсүп жетиле баштаганда аң-сезими кошо калыптанып, алгачкы айларда эле кыймылдын арты менен угуп, ал тургай энесинин катуу чыккан музыканы угуп жатканын сезет тура. Бирок ага биз көп деле маани бербейт экенбиз. Качан наристе төрөлүп, тили булдурап сүйлөп же бир нерсеге талпынып калганда, «Ий билип, түшүнө баштаптыр» деп кубанып калабыз. Изилдөөлөргө караганда 19-кылымга чейин окумуштуулар курсактагы бала эч нерсени укпайт деп эсептеп келишкен экен. Ал эми азыркы медицинанын өсүп-өнүккөн заманында, эне ичиндеги балага түйүл-

дүк кезинен баштап сылап-сыйпалап, эркелетип, ырдап берип, музыка угуп көңүл буруп турушу сунушталат эмеспи. Ичиндеги баласын сылап, мээрим төгүп турган эне кандай сулуу, кандай бактылуу. «Кудайым өзү берген түйүндү өзү чечет» деген, чоң энелерибизден калган жакшы сөз бар. Ушундай акылман сөздөрдүн маанисин терең түшүнүшсө, азыркы кээ бир жеңил ойлуу кыздар боюнан алдырбай, балдарын таштап басып кетпей энелик мээрим менен багып алышса, бейкүнөө наристелер көбөйбөй, эненин жытына, караанына зар болбой бактылуу балалыктын доорун сүрүшпөйт беле, аттиң! «Кыргызстанда жана бүткүл дүйнө жүзүндө күнөөсүз наристелер таштанды атка конбой, эненин ууз сүтүн эмип, эненин кучагында мээримине жылынып, музыканын сыйкырдуу ыргагында чоңоюшсун» деп, тилек кылаар элем.

Балапандар, медерлер,
Тартпагыла муң-кайгы,
Тагдырыңар силердин,
Болбосунчу эч тайкы.



Бакыт нурга чөмүлүп,
Балбал жансын көзүңөр.
Бактылуу болуп өскүлө,
Бал татысын сөзүңөр.

Мээримине жылынып,
Эне сүтүн таткыла.
Күндөй күлүп, кубанып,
Алдей ырын уккула.

Тай-тай таштап кадамды,
Таалайыңар кең болсун.
Көңүлүңөр бөксөрбөй,
Жүзүңөргө нур толсун.

## БЕЙИШ ЭНЕЛЕРДИН ТАМАНЫНДА

Эне үйдүн куту, берекеси, шамчырагы, өмүр башаты. Ушундай жакшы сөздөргө энелер татыктуу. Керек болсо мактоолор да аздык кылат. Эненин тогуз ай толготуп көтөрүп, ачуу талгактын азабын тарткан күндөрү бир тең, наристесин жарыкка алып келүү үчүн тарткан бир күндүк толгоосу бир тең болуп кетет го чиркин. Жаны көзүнө көрүнүп, өмүр менен өлүмдүн ортосунда алышып, аркы дүйнөнүн оозунан кайра келгенин, толгоо башынан өткөн адам гана билбесе, айтып жеткирүү өтө кыйын. Эненин наристесин жарыкка алып келгенден кийинки түйшүгү, түн уйкусун төрт бөлүп, түн күзөткөн түндөрү эч нерсеге татыксыз. Баласы үчүн отко, сууга түшө калып, канатына калкалап, «сөздөн, жаман көздөн сак болсо экен» деп, алтымыш тамыры зыркырап мээримин төгүп ийип турганын эмне менен салыштырып, кандай нерсеге теңесе болот. Ооба, эненин мээриминдей мээримди эч кимден, эч



нерседен ала албайбыз. Эненин мээриминен, биздин денебизден кан айланып, жашообуз нурга бөлөнөт. Канча жашка чыксак да эне үчүн бала эле бойдон калабыз. Бир мүнөт да ой-санаасынан чыкпай, азаптарга салабыз. Ошентсе да энеге балдары үчүн тарткан түмөн түйшүктөрүнүн баары, түйшүк эмес эле бакыт болуп сезилет. «Аялсыз үй – суусуз тегирмен» деп коюшат. Анынсыңарындай эне бир күн үйдө жок болсо, үйдүн ичинин кунары качып, мештеги алоолоп күйүп турган оттун табы да жылыта албай үйдүн куту кетип, жетим козудай издей беребиз. «Аял турмушу – заман күзгүсү» дегенди энелер тастыкташып, бала багуу менен эле алек болбой, турмуштун кыйын кезеңдеринде элдин биримдигин, амандыгын сактап келишкен. «Башка түшсө байтал жорго» дегендей, башына күн түшсө атанын да милдетин аткарып, кара жанын карч уруп эмгектене билишет. Кайсыл ата, эненин милдетин аткара алат? Суроо көп, жооп жок. Жооп болушу мүмкүн да эмес. Курманжан датка энебиз, элдин тынччылыгы үчүн баласын өлүмгө кыйган. Мындай

эрдикке энелер гана бара алат. Энелердин көңүлү гүлдөй назик, жүрөгү опол тоодой көтөрүмдүү. Ошондуктан «Бейиш энелердин таманында» деп айтылган сөздүн калети жок. Ар бир аялзаты, эненин тарткан азабын да кубанычын да башынан кечирип, балкылдата бала эмизип, жан дүйнөсүнөн мээрим, жүзүнөн нур төгүлүп ЭНЕ деген ыйык атакка ээ болуп, бейиштен орун алышса экен деп тилек кылам. Эне сыйлаган элге жагат, энесине наалат айткандардын, энесин карыялар үйүнө таштагандардын жүрөгүнө ыйман түнөп, дилдери тазалансын. Энелерди акчага сатып алып пайдалангандар, Кудай алдында жазалансын. Эч качан энелердин жүрөгү тилинип, муң баспасын. Көздөрүнөн жазыксыз ый акпасын. Энелердин жүздөрүнөн күлкү төгүлүп, бактылуу карылыкка жетишсин. «Энеден сүт ич, акылмандан акыл ич» дегендей, эненин алтымыш тамырын зыркыратып аккан ак сүтүн актай албасак да мээримибизди төгүп, жакшы сөзүбүз менен көңүлүн жылытып турууну унутпайлы. Бейиш энелердин таманында.



## АБЫСЫНДАР

### 1

Эх, жеңелерим, жеңелерим, бир күн көрүшпөй калсаңар сагынышкан, жолукканда кызыктуу сөздөрдөн кеп курушкан, бар тапканды ортого коюп жеген, ынтымактуу абысындардан эмес белеңиздер бир кездерде. Эмичи? Ар бириңиздер ар жакта дегендей, жашоо шартка жараша бири-бириңиздерден алыс болуп, тойлордо гана жолугушуп калбасаңыздар, көр тиргилик менен алышып, неберелердин таттуу кылыктарына алаксып кеттиңиздер. Биз бала кездеги шайыр-шаңдуу, ырчы, тамашакөй жеңелерим уул-кыздардын урматын көрүп, неберелердин кылыктарына мас болуп, токтолуп, балпайган байбиче болуп баратасыздар. Кудайдын ушунусуна чексиз шүгүр келтирем. Анан да эң өкүнүчтүүсү шайыр абысындардын арасы суюлуп, айыккыс илдеттин азабынан оо дүйнө салып кеткен Айымча чон апам, Асила жеңем, Урмат жеңемин жоктугу. Айымча чон апам ичеги оорусунан, Асила жеңем жүрөк

оорусунан, Урмат жеңем ашказан рак оорусунан көз жумушпадыбы. Кишиге жамандыгы жок Айымча чоң апам аста сүйлөгөн, жоош-момун аял эле. Асила жеңем сүйлөгөндө оозунан күлкү төгүлүп турчу. Жаны жай алып бир ордунда олтура албаган, улуу-кичүү дебей күлдүрүп, жүргөн жерин шаңга бөлөгөн өзүнчө бир керемет жан болчу. Ушул үчөөнүн дүйнөдөн өткөнү, сиздерди да оор кайгыга салып кетти. Бир токочту да ынтымактуулук менен бөлүп жеп, бири-бириңиздерсиз айыл-апага баспаган абысындар үчүн чоң жоготуу, оор кайгы эмей эмне? Жашыңыздардын аралыгына карабай, бир үй-бүлөдөй, эже-сиңдидей, керек болсо курбу-курдаштай ынак эмес белеңиздер. Урмат жеңемин оор-басырыктуу токтоо кыялын, тазалыгын, акыркы жолу атамдардын эшигинин алдында көпкө сүйлөшүп олтурганыбызды эстеп, токтоно албай ыйлап-ыйлап алдым. Ооба, асыл жеңелерим, сиздер да ушул жоготуудан кийин негедир токтолуп, күлкүңүздөр азая түштү. Акыркы убакта айылга барып калганда көңүлүңүздөрдүн суз



тартып калганын байкадым. Негедир жүрөгүм ооруду. Бир кездерде жеңе-кайынсиңдидей эмес, эже-сиңдидей эмес белек. Алыстан барганда ырыскыңыздарга ортоктош болуп, колуңуздардан даам татып, сыйыңыздарды көрүп, бактылуу кайынсиңдилерден элек. Ошондогу бир окуя эсиме түшүп кетти. Анда мен турмушка чыгып, эки балалуу болуп өз түтүнүмү булатып жүргөн кезим эле. Ошондой күндөрдүн биринде өтүмөн приступ берип ооруканада жаткамын. Ал мезгилде чөнтөк телефон деген жок. Сыртта чакырып жатат деп калышты. Чыксам Урмат, Гүлай, Кален жеңелерим турупсуздар. Сиздерди көргөндө кубанып, эреркеп моюнуңуздарга асылып, кучакташып өбүшүп учураштык, ал-акыбал сураштык. Олтургучта көпкө сүйлөшүп олтурдук. Биздин катарыбыздагы олтургучта дарыланып жаткан эркек кишилер олтурушкан. Алардын арасынан райондо иштеген Ибрагим Сатыбаев агай басып келип сиздер менен учурашты. Мугалим болуп кесибиңиздер бир болгон үчүн бир-бириңиздерди жакшы тааныйт экенсиздер.

«Кален, бул кыз сенин сиңдиңби?» – деди.
Сиз, «ооба, Курманбектин карындашы
да» дедиңиз. Агай таң калганын жашыра
албай «Анда кайын сиңдиң турбайбы!?
Бир тууган эже-сиңдилердей учурашып
көрүшүп, божурашып сүйлөшүп жатса-
ңар кимисинин сиңдиси болду экен деп
ойлоп жатпайымбы. Оо, ынтымагыңар
күч экен. Силердей жеңе-кайынсиңди-
лерди биринчи көрүшүм» деди. Мен да
агайдын сөзүнө мардайып, сиздердей
жеңелерим бар экенине сыймыктанып
алдым. Чындыгында бизде бир эле ал
күн эмес, андай ынтымактуу күндөр көп
эле болгон. Кудай буйурса өмүрүбүздүн
акырына чейин ынтымагыбыздын чебин
бузбай, дагы да сыйлашып, урматташып
жүрөбүз го деп ойлойм. Сиздер да өзүңүз-
дөрдөн улуу абысындардын тарбиясын
алдыңыздар. Жакшылык-жамандыкты
бирге өткөрүп, алардын ынтымакчылы-
гын жан дүйнөңүздөргө сиңирдиңиздер.
Сиздерге жол көрсөткөн абысындар, биз-
дин апаларыбыз. Апалар демекчи, азыр-
кы убакта апакем да катуу өксүп жүрөт.
Анан кантсин, Асила жеңем өзүнөн ки-



йинки келини, бир тууган абысыны эмес
беле. Күнүгө бир маал көрүшпөсө, бар
тапкан жаңылыктарын бөлүшпөсө олту-
ра алышчу эмес. Апакем, «Жаш келиндер
өздөрү менен өздөрү экен. Бир жактарга
айтпай-дебей кетип калышат тура. Асила
жок дегенде бир маал келип кабар алып,
кээде «Жеңе жүрүң, паланча чакырып
жатыптыр, барып келели» деп чуркап ке-
лип айтып кетчү. Курганым чуркап жүрүп
эле өлүп калбадыбы, деп ыйлап бизди да
кошо ыйлатат. Айчүрөк жеңеңер да көп-
төн бери ооруп үйдөн чыкпай өзү менен
өзү болуп калды. Ботокөз энеңер экөөбүз
кээде көрүшсөк кээде көрүшпөй деле ка-
лабыз. Ал да үйүнөн көп чыкпайт. Кары-
лык экен да деп муңканат. Сөз арасында
көзү өткөндөрдү эскерип, бирге жүргөн
улуу абысыны Айымча чоң апамы, кай-
неже-кайынсиңдилери Бурган, Батма,
Зуба абжелерими, кеп кылып олтурса
көз алдыма көп нерсе тартылды. Апам-
дар абысын-ажын, кайнеже-кайынсиңди
дебей жакшылык-жамандыктарын тең
бөлүшүп, оту менен кирип, күлү менен
кошо чыгышчу. Тойлордо тамадасы жок

эле тойдун көркүн ачышып, бири-бирин урматташчу. Бир туугандардын башын бириктиришип, тапкандарын ортого коюп, үйлөрүнө тез-тез чакырышып сыйлашчу. Ал тургай кайын журтунан төркүнүнө келген кыз-күйөөсүн же шаардагы окуу жайдан келген уул-кыздарынын келгенин угушса өзүнүн балдары келгендей конок камын көрүшүп, бар тапкандарын жайнатышып, келгенден кеткенге чейин үйлөрүнө чакырышып сыйын көрсөтүшчү. Кетээринде ар бири тапкан-туткандарын (боорсок, курут, сары май, алма-өрүк как) беришип узатышчу. Азыр ойлоп көрсөм, абысындардын ынтымакчылыгынан бир туугандар ынтымак болушкан экен. Ошондуктан да алардын балдары биз, эки бир тууган, үч бир тууган деп бөлүнбөй, апаларыбыздан алган тарбия менен ынтымакташып, сыйыбызды түгөтө албай бөлүшүп, ооруп калышса кошо ооруп, алыстап кетсек сагынышып кетебиз. Апаларыбыздын алган келиндери, жеңелерим сиздерсиздер. «Башкы көч кайда барса, кийинки көч ошол жакка барат» дегендей, сиздердин алган ке-



линдериңиздердин ынтымакчылыгы да бекем болуп, уул-кыздарыңыздар ырыскешиктүү, акыл-эстүү болсун. Сиздердин алган келиндердин тарбиясы менен кара бөрүнүн укум-тукуму узарып, сый-урматы түгөнбөсүн! Арабыздан көзү өткөн туугандарыбыздын сөөгүн агартып, жаман жолго барбай, нааласына калбай, ар бирине атап куран окуганды унутпайлы. Маркумдардын жайлары жаннатта болсун! Кара бөрүнүн укум-тукумдарын колдоп жүрүшсүн!

## 2

Биз пенделер, эч качан бир бүтүмгө келе албайбыз. Улуу-кичүүлөр арасындабы, теңтуштар арасындабы бирин-бири түшүнбөгөн келишпестиктер болуп турат. Ушул келишпестиктерди кимдер жаратат? Албетте, «бирөөнү бириктирбеген, экөөнү эриктирбеген», майда сөздүү, тилинде уусу бар, жүзү кубулуп тургандар жаратат. «Күлүп сүйлөгөндөн түңүл» дегендей, жасалма күлүп, жакшылыгыңа ичи тарып, жамандыгыңы издегендер жа-

ратат. Эмне кылыш керек? Андай адамдарга эч качан көңүл бөлбөстөн, өч алам дебестен, чөгүп да калбастан, башты бийик көтөрүп, жакшы жагыңы көрсөтүп жаркылдап жүрсөң, андайлар жүзүңө тик карай албай, өзү эле сенден алыстап, тазаланып каласың. Ызы-чуу, ушак-айыңдан алыс жүргөнүң, сенин ийгилигиң. Бирок деген жери бар. Ии дейсиңби? «Улууга урмат, кичүүгө ызат» кылыш керек экенин билбегенден кийин, калп эле п арасында керсейбей эле койсоң болот. Өзүңдүн ким экениңди, тарбияңын канчалык деңгээлде экенин көрсөтүп аласың. Анан да бой көтөрүп мактанба, түштөн кийин көзүңүн жашын агызып актанба. Ушак сөздөн алыс бол, туура сүйлөп калыс бол. Жалганды жамаба, бирөөгө арам санаба. Колуңан келбесе ортого Кудайды коюп сүйлөбө. Кээ бир пенделер Кудайдын ким экенин билип туруп коркпой, Кудайды бетине кармап сүйлөп «Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп» былгытып жатышканын байкасаң болот. Ушундай досум. Мени өзгөрдү деп ойлобо. Өзгөргөн жокмун. Жөн гана мурдагыдай ак көңүл,



алпейим, ишенчээк мүнөздөрүм сынып баратат. Себебин сурайсыңбы? Себеби ак көңүлдүгүңдү, берешендигиңди пайдаланышат да көрмөксөн болушат же артыңа көө сүртүп туруп, тескери басып кеткендер болот. Жакшылыгыңды, ийгилигиңди көрмөксөнгө салгандар чыгат. Таң калбай эле кой. Сен да бара-бара өзгөрөсүң. Жан-жака белиңе карап түзөлөсүң. Болгону өзүңдөгү кемчиликтерди көрүп туруп, бирөөлөрдүн кемчилигин чукуба. «Өзүңүн башыңдагы төөнү көрбөй, бирөөнүн башындагы чөптү көрүптүр» болбой, дегеним да. Бүгүн бирөө менен достошуп, эртең аны тээп экинчиси менен достошуп тез-тез эле мамилени өзгөртө бергениң болбогон иш. Баркың да, сыйың да кетип, жасалма мамиле күтүп каласың. Сен канчалык сабырдуу, ушак сөздөн алыс болсоң, жакшы адамдар ар дайым айланаңда болот. «Жаманга жанашпа, жакшыдан адашпа» деген сөздүн канчалык чындыгы бар экенин байка.

## ЖАЗ ЖАНА КЫЗ

Жер энени уйкудан ойготуп, жер бетине жылуулук берген керемет жаз келди. «Сүйүүлөр жазда башталат» демекчи, кыз-жигиттин жүрөгүнө сүйүү түнөткөн жаздын келиши менен жер жарылып чөп чыгып, жаз жарчысы болгон байчечекейлер баштарын кылайтып, ала-темгил болгон карларга моюн бербей өз өкүмүн жүргүзүп чыга башташты. Жаз демекчи, жаздын илеби бир башкача дем берип, тээ өткөн күндөрдөгү жаштыктын жазын эске салып жүрөктөргө жылуулук тартуулап турат. Жаз-кыз бирине-бири айкалышкан жаштыктын жалындуу күндөрү эмеспи. Мына, ушул мен күткөн жадыраган жаз айы. Жазды мен абдан сүйөм! Себеби ушул айда мага жазгы майрамдар менен кошо туулган күнүм келет. Кучак толо гүлдөр, жакшы каалоо-тилектер ыроолонот. Тээ алыстагы ата-энем, тууган-урук, дос-жарларым да куттукташып, мени кубанычка бөлөшөт. Ушул 8-март күнү куттуктоолорго чөмүлүп, туулган күндүн шааниси менен жүрүп көп таа-



ныштарымды куттуктай албай калган күндөрүм болот. Бирок, алтын апамды сөзсүз куттуктап, жакшы сөздөрүмдү айтып, колуман келген тыйын-тыпырымы салып, маанайын көтөрүүгө аракет кылам. Жүздөрүнөн мээрим төгүлгөн апаларыбыз бар болушсун! Апаларыбызды куттуктоону эч бирибиз унутпайлы. А мен, апакемди куттуктоо менен бирге, жаз гүлүндөй буралган асыл аялзаттары сиздерди да жаз майрамыңыздар менен куттуктайм! Жашооңуздарды жакшылыктар коштоп, Жараткандын ар бир күнүн майрамдагыдай көңүлдүү маанайда өткөрүңүздөр. Жүзүңүздөрдөн күлкү кетпей, Кудайдын сүйгөн пенделеринен болуп, көп жашаңыздар!

## ЭССЕ

Жол тарттым. Абада жол тарттым. Учакта баратам. Түрмөк-түрмөк ак булуттар каалгып өткөнүн айнектен тиктейм. Жанымдагы жүргүнчүлөр уйкуга кетти. Менин көзүм илинбейт. Жүрөгүм өрөпкүп көз алдыма күтүп жаткан ата-энем тартылат. Ооба, жетимиш жети жашы бар, ак жоолугунун алдынан ак саамайы булайган апакем күн санап күтүп жатат. Сексен алты жаштын чайын ичип олтурган күмүш сакалдуу атакем күн санап кызым келет деп кара козусун байлап олтурат. Сагындым силерди ата-энем! Күн санап карылыкка алдырып баратканыңарды эстеп каңырыгым түтөйт. Кызыңар кырк жети белести ашып турса да силерди көргөндө кичинекей баягы эрке кара кызыңар болгусу келип кетет. Жашымды унутуп эркелеп сагынган жытыңарга тойбой өпкүлөйм! Ата-эне үчүн баладан кымбат эмне бар. Силер да мен кеткичекти оокаттын чүйгүнүн оозума кармап өнтөлөйсүңөр. Кырк жетидеги кызыңар силерге секелек кыз болуп көрүнөт. Менин ар бир жеген даамдуу тамак ашым силердин колуңардан өткөн. Апакем менен атакемдин берген ашындай даамдуу тамак-аш мен үчүн башка жерде болбос. Мен да силерди сагынып күн санадым. Мына эми саналуу сааттардан кийин көрүшөбүз. Менин алтын ата-энем! Аман-эсен көрүшөлү. Балдарыңардын дөөлөтүндө бактылуу ата-эне болуп узак жашагыла! Мен силерди сагынып баратам. Учак да ылдыйлай баштады. Терезеден Күн жыттанган нур мекенимдин жашыл килем жамынган талаалары көрүндү. Амансыңбы Мекеним! Мен өзүңдү ата-энемден кем көрбөйм! Ата-энемди кандай сагынсам, өзүңдү да так ошондой сагынып келдим! Сенин да амандыгыңды тилейм алыс жерде! Чынында Ата мекенимдин ата-энемден айрымасы жок!

## ТАГДЫР СЫНООСУ

*(Аңгеме)*

Назира Абди келген күндөн баштап, өзүн коёрго жер таппай туталанып, көз көрбөс, кулак уккус жактарга кетип калгысы келип жүрдү. Өзүнө өзү батпай буулугуп, кээ күндөрү солуктап ыйлап чыгат. Бүгүн да күндөгүдөй эле маанайы жок кроватта шыпты тиктеп, өткөн өмүрүнө көз жүгүртүп көпкө жатты. Анан кантсин, жаны кыйналганда көз алдына өткөн өмүрү, жаштыгы, мастыгы эске түшүп, алты саны аман кезиндегидей боло албай, алсыз жаткан жеринен туралбай калганына бушайман жеп, жан дүйнөсү жабыркап, жүрөгү тилинип турду. Самсаалаган кара тумандай уюлгуган ойлордон башы челектей оорлошуп, ойлору алда кайда учту. Палатанын эшиги ачылып- жабылганын да, медайымдар жанындагы жаткан пациенттерге укол салып, сырттан келген тамак-аштарды киргизип улам кирип-чыгып жатышкандарын да сезбеди. Ээн талаа, эрме чөлдө жалгыз калгандай өз оюу менен алпурушуп кара терге түшүп



жатты. «Жашоонун кызыгына тойбой, бала төрөп, бала жытын бир искебей, илээшкен илдеттен арыла албай жүрүп өтүп кетсем эмне болом» деген ой келгенде көзүнөн жаш эле эмес жүрөгүнөн кан агып кеткенсиди. Бирок жан таттуу эмеспи, кайра эле үзүлбөгөн үмүт менен келечектеги жаркын жашоосун көз алдына келтирип, өзүн азда да болсо сар-санаадан арылткысы келди. Күйөөсү Абди менен өткөргөн бактылуу күндөрүн эстегенде кубарган жүзүнө кызыл жүгүрө, ою тээ алыстагы өткөн күндөргө чабыттайт.

* * *

Анда Назира жаңы эле орто мектепти аяктап, шаардагы окуу жайлардын бирине тапшырганга даярдык көрүп жүргөн. Ошол күнү да окууга керектүү документ иштерин бүтүрүш үчүн шаарга келген. Ысыктын күнүндө ар эшикти каккылап жүрүп чарчаган кыз жолдун боюндагы дүкөндөн суусундук сатып алып, бактын ичине кирип отургучтардын бирине олтурду. Колундагы документтерин бир сыйра барактап көрүп, «аз калыптыр,

эртеңкиге калтырбай бүгүн баарын бүтүрүп кетишим керек. Акыркы автобуска илешип калсам болду» деп барактарды иреттеп сумкасына салып жатып так маңдайына келип күлүмсүрөп турган орто бойлуу, чачы желкесине түшкөн жигитти көрдү. Жигит да Назираны чочутуп албайын дегенсип кооптонуп турган эле.

– Саламатсыңбы Назира, өтүп баратып сени көрүп таанып калып кайрылдым? Өткөн жылы үйүңөргө барбадым беле. Шермамат тагаңы билесиң да, ошонун небереси болом, атым Абди,– деп жигит колун сунду. Бир азга буйдала түшкөн Назира сумкасын оңдоно кармап: – Саламатсызбы,– деп уяң колун сунуп учурашты. Бирок Шермамат деген кайсы тагасы экенин биле албай бушүркөп «ооба, сизди тааныдым» деп койду. Абди кыздын турган турпатына көз кырын салып, сынай карап турган. Өңү-түсү келишкен кыз. Мындай кызды колдон чыгарбаш керек. Назира менин гана жубайым болот деген ой менен күлө карай суроо узатты:

– Назира, эмне иштер менен келип калдың,– деди билмексен боло.



– Мед училищага окууга тапшырайын деп, документтеримди даярдап жүрдүм эле.

– Аа жакшы, бүтүрүп алдыңбы анан?

– Аз калды, бир-эки жерге печать бастырып алсам бүтөт.

– Анда жүр, эрте күндү кеч кылбай басалы. Экөөбүздүн жолубуз бир экен,– деп шыпылдаган Абди жол баштай жөнөдү. Эч жамандыкты ойлобогон Назира, тууганым экен деген ой менен ылым санап, артынан ээрчий жөнөдү. Экөө бактан чыгып чоң жолго эми кайрыла бергенде бет маңдайында келе жаткан эки жигит капысынан Назиранын буту-колунан сүйрөп жолдун боюнда турган машинага кыйкырткан боюнча түртүп салышып, машинаны от алдыра башташты. Мындайды күтпөгөн Назира кыйкырып, бир үмүтү Абдида болуп жардам сурап чебелектеп жатты. Бирок жардамга Абди келмек тургай кымыңдап, достору олтурган экинчи машинага барып олтурду да «айда машинаны» деп шофёрго буйра сүйлөп өзүнчө маашырланып алды. Буйрукту күтүп тургандай эки машина

зуулдаган бойдон тоолуу айылдардын бизин көздөй кыз качырып жөнөштү. Баярин бирде ыйлап, бирде жигиттер менен тан урушуп келе жаткан Назира өзүн колго алып, «кана кайсы айылга, кимиңерди качырып бара жатасыңар? Мен силерди таанабайм, олтурат деп ойлобогула. Алып барсаңар деле туугандар алып кетишет. Мен окушум керек, бекер убара болуп жатасыңар» деп туугандарына ишенген кыз ишеничтүү сүйлөп жатты. Кыз машинадан качып чыгып кетчүдөй эки жагынан тороп олтурган жигиттер Назиранын кыйкырганын, урушканын чымын чакканчалык көрүп койбой, «кыз бараар жерине ыйлап барат» дейт. Бара турган жериң жакшы. Барган жериңен бактылуу болосун» дешип, кайра ызасын келтирип баратышты.

* * *

Ата-энеден эрте ажыраган Назира улуу агасы Жапардын колунда калган. Үч уулдун арасында жалгыз кыз болгондуктан, агалары ата-энесинин жогун билгизишпей эл катары ичирип-жедирип, көңүлүн карап, кирпигин тарап чоңойтушту. Ошентсе да дээринде бар Назира жалгыз кызмын деп чоёктобой, жеңелерине кол кабыш кыла жеңилин жерден, оорун колдон алышып, тирикарак, таза кыз болуп өстү. Убакыт учкан куш эмеспи, Назира бой жетип өзүн-өзү карай баштагандан тартып өңүнө чыгып, сулуулугу арта башталган. Өзү да шыңга бойлуу, ак жуумалынан келген шайыр кыз. Эки өрүм олоң чачын артына таштап, маралдай кериле басканда жигиттер тургай кыз-келиндер да суктанып карап калышчу болгон. «Бүткөн ишке сынчы көп, бойдок кызга жуучу көп» дегендей кыздын мектепти бүтүрүп, бой жетип калганын уккан-билгендер жуучу жөнөтүшүп акыркы күндөрү Жапар менен аялы Салиманын тынчын ала баштышкан.

Ошондой күндөрдүн биринде тоо тарапта жашаган чоң тагалары Шермаматтын уулу Кубат аялы Кыздаркан экөө кирип келишти. Артынгандары бир койдун бышкан бүтүн эти, кымыз, каймак, сары май, майга кызарта бышырылган боорсоктору бар. Ата-энелери өлгөндөн ки-

йин каттоолору азайып, ал тургай кийин-ки жылдары такыр эле катташпай калган тагалары келип олтурганына жетине албай кубанып, коёрго ашын таппай бү-лүнүп жүргөн Жапар кошуна турушкан бир тууган инилерин, келин-кесектери менен чакыртып, коноктордун кой деге-нине болбой союшту сойдуруп, этин ас-тырды. Келиндердин бири нарыдан-бе-ри тамак-аштарын даярдап, дагы бири ичеги артып, жүгүрүп кызмат кылып жүргөндөрүн көрүп Кыздаркан менен Ку-бат ыраазы болуп олтурушту. «Атаңкөрү, эжемин келиндери биринен-бири өткөн жакшы келиндер чыккан экен. Ушулар-дын чайын ичип, кызматын көрбөй эжем менен жездем эрте кете беришпедиби» деп ичтеринен өксүп алышты. Конок-тордун оюн окуп алгандай Жапар: – Уба-кыттын өткөнүн караңызчы. Апамын көзү өткөнүнө он беш жыл болуп бара-тат. Шермамат тагама жыйырма жылдан ашып калыптыр. Бизди байланыштырып турган ата-энелерибиз жок каттообуз дагы алыстай баштаптыр. Мына, бүгүн айттырбай келип бизди кубандырып ту-



расыздар. Өткөн жылы Абди келип кет-кен. Биздин айылга бир иштери менен келип калган экен, учураша өтөйүн деп кирдим эле деп тамака күйбөй шашып кеткен,– деди.

– Туура айтасың, көрүшпөгөнүбүзгө канча болду. Тиргилик деп тытынып жү-рүп ортодо көп жылдар өтүп кетиптир. Катташып турбаса тууган деле алыстап, бала-чака бир-бирин таанбай калыш-кыдай. Ии баса, Назира көрүнбөйт го, бир жакка кеткенби? – деп Кубат олтур-гандарды суроолуу карады. Төрдө тагасы-нын жанында олтурган Жапардын иниси Капар сөзгө аралашып:

– Назира быйыл мектепти бүтүрдү. Эми шаарга барып окуйм деп жүрөт, ошо-го кийим-кече алам деп базарга кеткен эле. Келе турган убагы болуп калды. Эси-ңиздеби тага? Акыркы жолу Асыл тайже-биздин жылдыгына барган элек. Андан бери деле жети жыл болуптур. Ошодон бери сиз айткандай тиргилик деп жүрүп биз барбай же сиздер келбей калдыңыз-дар. Эми тез-тез катташып туралы.

– Ооба, ал тайжеңер оорунун айынан жаш эле өтүп кетпедиби. Эми Кудай бу-

йурса жакшылыктарда катташып жүрөлү деп, биз да атайын жакшы ниет менен келдик силерге. Туурабы ия? – деп Кыздаркан Кубатты карады. Баятан бери эмне деп сөз баштасам деп турган Кубат Кыздаркандын сөз баштап койгонуна сүйүнө, бир чети тартынып, жээндерими айткан сөзүм туура келеби же осол кылып коюшабы деген ойлорго алагды боло түштү. Анысын байкап калган Кыздаркан «Сөз келгенде айтпаса, сөз атасы өзү өлөт» дейт. Тагаңардын силерге айта турган сөзү бар эле дей салды.

– Ии тага, айтың, айтың,– дешти жээндери бир ооздон.

– Эми сөздүн ток этерин айтпасам болбос. Биз силердин алдыңарга кулдук уруп, каттоолорду жаңыртып, тууганчылыгыбыз үзүлбөсүн деп, Назиранын колун сурап келип олтурабыз,– деди Кубат. Бака-шака болуп олтурган бир туугандар бир саамга тынчый түшүштү. Тынчтыкты Жапардын кичүү иниси Эмил бузду:

– Биз тайлар келди деп сүйүнүп олтурсак, сиздердин оюңуздар таптакыр башка турбайбы? Назира күйөөгө тийбейт, аны окутабыз.



– Эмил туура айтат тага, Назира жаш, анан калса окутпасак болбойт. Ата-эненин мээримин көрбөй өскөн өксүк кыз. Аны сиздер деле жакшы билесиздер. Күйөөгө берип коюп, өмүр бою наразы болбосун бизге. Күйөөгө тийбейт деп кесир сүйлөбөйлү, окутуп колуна дипломун алып берип коёлу, анан Кудайдын буйурганы болор. Сиздер да улуу башыңыздарды кичүү кылып келген экенсиздер, бизге капа болбоңуздар эми, тууган жолунда сый-урматыбыз менен жүрөлү тага,– деп Жапар да тагасынын сөзүн кесе сүйлөдү. Ортодо бир топко чейин кызуу сөз болуп, ары тартышып, бери тартышып жатышып акыры тайларынын башынан аттап кете алышпады жээндери. Көптү көрүп, көптү билип калган кексе Кубат ортого качанкы өткөн эжесин коюп, «Эжебиз болгондо сөөгүбүз жаңырат экен деп, биздин шагыбызды сындырбай кызын бермек. А силер так секирип, жакшы тилектерибизге каршы чыгып олтурасыңар. «Кызды сураганга бер, кымызды суусаганга бер» деп ата-бабаларыбыз туура айткан. Өзүңөр билеси-

нер уулубуз Абдини, жаман бала болгон жок. Жогоруда өзүң айткандай, өткөн жылы келгенде Назираны көрүп кеткен экен. Быйыл мектепти бүтүрдү, «барып сүйлөшүп келбесеңиздер болбойт. Бирөө ала качып кетпесин» деп бизди ой-бойубузга койбоду. Биз да уулубуздун өтүнүчү менен келип олтурабыз. Ушул эки баланын башын кошуп куда-сөөк болуп, сөөк жаңыртсак өткөндөр да бизге ыраазы болушмак. Назираны окут десеңер окутуп канаттууга кактырбай, тумшуктуута чокуттурбай, өзүнүн ата-энесиндей мээрим төгүп, кыз кылып алмакпыз,– деп толгон токой таарынычтарын айтып жатышып аларга мүмкүнчүлүк бербей жарга такап салышкан.

Канчалык так секиришкени менен Кубаттын сөзү жөндүү болуп, бир туугандар өздөрүнчө чечимге келишти. Чын эле Назираны шаарга окууга жөнөтүп жиберсек алыска күйөөгө тийип кетсе кантебиз. Тага журттун да назарынан калып, сөзүбүз келте болбосун. Тагам айткандай Абдини көрүп, билип жүрөбүз. Кантсе да бардар жашаган, тектүү жер эмеспи.



Берсе берели, бизге Назиранын бактылуу болуп, барган жеринен бак тапканы жакшы эмеспи дешип, макулдугун беришти. Ортодо сөздөр бекемделип, Назира үч күндөн кийин шаарга барарын, Абди ошол жактан жолугуп сүйлөшүп көрөрүн айтышты. Бири-бирине туура келип калышса жакшы, туура келишпей калчу болсо арга жок көңүлүнө карабай Назираны кошуп бермей болушту. Иштин оңуна чечилгенине кубанган Кубат менен Кыздаркан салт-санаасын кылып, бир аптадан кийин кызды Жапардын эшигинин алдынан чыгарып кетүүгө макулдугун беришти. Коноктордун алдына эт тартылып, эки жактын тең көңүлдөрү жай алып бака-шака түшүп олтурушкан маалда Назира келди.

– Уф, күндүн ысыктыгы ай! Ушундай дагы ысыйбы? Акактап болбой калдым го,– деп өзүнчө сүйлөнүп кирип келген Назира мамыда байланып турган аттарды көрүп, «коноктор келген го, кимдер келди экен» деген ой менен очоктун боюнда күйпөлөктөп жүргөн жеңесине

карай басты. Жеңеси да Назираны утурлай басып, сураtпай эле жооп бере салды.

– Кыз, үйгө Өрдөштө жашаган тагажеңебиз келди. Кирип учурашып чык.

– Аа макул, жеңе! Бир аз демими басып алайын, чарчап бутуму тарта албай калдым. Мындай ысыкта базарга барбай, жыргап китеп окуп жаткан сонун да, ээ, жеңе?

– Албетте, азыр кимдин эле ысыкка какталып көчөдө жүргүсү келсин. Бирок, тиргилик ушуну талап кылып жатпайбы кызыке.

– Ооба десеңиз. Кана чайнекти мага бериңизчи? Чай алып киримиш болуп учурашып чыгайын, болбосо уялам кириштен,– деп Назира жеңесине эркелей кыткылыктап күлүп, чайнекти алып конок үйгө кирди.

Кубат менен Кыздаркан Назираны секелек кезинде көргөн бойдон бой тартканда көргөндөрү ушул.

– Айланыйым, тим эле созулган сулуу кыз болгон турбайсыңбы. Өркөнүң өссүн! Бактың кем болбосун! – деп эки бетинен эки өпкөн Кыздаркан, Назираны башынан ылдый сынай карап өттү. Кубат да бешенесинен өөп учурашып: – Эжеме каптап койгондой окшош болгон турбайсыңбы. Сени көрүп эжеми көргөндөй болдум. Эжеме кыял-жоругуң окшосо окшосун, өмүрүң окшобосун, узак жаша кызым,– деп алкады. Назираны көрүп көңүлдөрү толгон коноктор дасторконго бата тартышып, үй ээлерине ыраазычылыгын билдиришип, жолго чыгышты.



Ошондон үч күн өткөндөн кийин айтылган сөз боюнча Абди жанына үч досун алып шаарга келди. Бирок булардын ою күндү создуктуруп олтурбай эле бүгүн ала качуу болгон. Назиранын кайсыл жерлерде жүргөнүн тактап, билип алган соң артынан сая түшүп жүрүп, бактын ичине кирип олтурганда оңтоюн таап качырып кетип жатышпайбы.

* * *

Куушуп айдаган эки машина жоон топ адамдар топтолгон үйдүн алдына келип токтошту. Машиналар токтору менен жабалактаган келин-кесектер келин олтурган машинага барышып, кыздын каршылыгына карабай жулкулдата сүйрөшүп,

бир тобу артынан түртүшүп күч менен үйдү көздөй алып жөнөштү. Илмейген арык кызда кайдагы күч, миң тартылып, кыйкырып каршылык кылса дагы айласы жок ызылдаган аялдардын жетегинде узун чачы бирде анын, бирде мунун колдоруна оролуп, делбиреген көйнөгү өйдө карай түрүлгөн бойдон көшөгөнүн артына кирди. Шаарды көрүп, эл катары окуп медайым болсом дегенде ак эткенден так эткен Назира «туугандарым келсе бул жерге мени бир саат дагы олтургузушпай алып кетишет. Керек болсо силерди милицияга беришет» деп кемпирлердин салган жоолугун салынбай ыргытып, айлаларын алты кетирип жатты.

Куда тараптан жөнөтүлгөн эки киши Назиранын агаларынын алдына кулдук уруп барышып, «эми бир ачууңарды бизге бергиле, биз деле салтын кылып алдыңардан алып кетели деп сүйлөшүп жатканбыз. Каны кызуу балдар шоктук кылышып качырып келип алышыптыр. Бул жагын туугандарча чечишели» дешип Назиранын агаларынын алды-артына түшүштү. Канчалык каардангany



менен Жапар инилерин ийге келтирип, аргасыз башын чайкап үн катты:

– Ушунчалык болбосо болот эле, эми арга жок болуп калды. Өзүбүз да окуйм деп жаткан кыздын тагдырына балта чаап макулдугубузду берип салганбыз. Жок дегенде алдыбыздан алып кеткенге да жарабадыңар. Башка бирөө болгондо камчы менен төбөсүн жара чаап Назираны алып баса бермекмин. Айла жок, тага журтум болуп калды,– деп каңырыгы түтөп олтурду. Анан кантсин, үч жашында колунда калып, карындашындай эмес өзүнүн кызындай болуп калбады беле.

– Кой, антип тагдырына балта чаптым дечү болбо. Кызыңар жаман жерге барган жок. Кудайым буйурса сындашкан эмес сырдашкан куда-сөөктөрдөн болуп каттообуз жаңырат. Кана эмесе анда, эки жаштын бактысы үчүн бата тартып, эрте күндү кеч кылбай биз жолго чыгалы. Женелеринен кошуп бергиле,– деди келген аксакалдардын бири. Андан кийин олтургандардын баары эки жаш үчүн бата тилешип, кыздын артынан кууп баруучуларды узатып кала беришти.

Канчалык каршылык көрсөтүп, жеңелери келсе ээрчип кетем деп олтурган Назиранын үмүтүн таш капты.

– Кыз, сени түшүнүп турабыз, бирок биздин айлабыз жок. Агаларың барган жеринин босогосун аттап чыгам дечү болбосун дешип ак баталарын беришти. Абдидай жигитке жолукканыңа кубансаң болот, сени гүлдөй кылып багып алат. Анан дагы мында олтурган аксакалдарды нааразы кылып басып кетчү болсоң көшөгөң көгөрбөй калат,– деп жеңелери алып кетпей турган ойлорун айтышты. Аргасы куруган Назира кыргыздын эски салтынан чыгалбай, ыйлап олтурду. Артынан барган жеңелери куда тараптын сый-урматын көрүшүп, кыз менен коштошуп чыгарда, «буудайдай баш алып балалуу бол, таштай оор болуп, олтурган жериңен орун тап» дешип кыздын этегине буудай чачышып, таш- бастырышып, кыз менен коштошушту да арттарына карабай кыргыздын дагы бир салтын аткарышып үйдөн чыгышты.



* * *

Айлар айга алмашып, жылдар жылга жылмышып билинбестен Абди менен Назиранын турмуш кургандарына беш жыл толду. Бул жылдар аралыгында экөөнүн бир-бирине болгон сүйүүлөрү жылдан жылга күчөп, бир-бирисиз жашай албоочудай издешип, сагынышып калышчу болду. Назиранын кайнене , кайнатасы да мээримдүү жакшы адамдар чыкты. Назира келин болуп келген үйүнө көнүшкөн күндөн баштап, ушул жашоосуна кубанса кубанды, эгерим капа болгон жок эле. Бир өмүр ушундай жашоодо бактылуу жашайм деп ойлогон. Бирок тагдыр Назирага жакшы кайын журт, жакшы күйөө бергени менен беш жыл өтсө да муштумдай кызыл этке зар кылып, балкылдатып бала эмизип, эне мээримин төктүрбөдү. Ортодогу баланын айынан Абдинин туугандарынын да акыры күтүүдөн чыдамдары түгөнө баштаган. Тага-жээндер жакшы каттоодо бололу деп, Назираны жакшы ниет менен алышпады беле. Эми кетирип жиберүүгө диттери барбайт.

Ошентсе да кээде Абдинин апасы Кыздаркан сөз учугун чыгарып, «уулум, сен теңдүүлөрдүн балдары мектепке барып калышты. Назира менен бир чечимге келип, башка аял алат окшойсуң, артыңда туяк калыш керек да балам. Убакыт деген учкан куш, сага карап токтоп турбайт, жашың өтүп кете электе балалуу болуп алсаң, атаң экөөбүздүн да көңүлүбүз тынмак» деп калат. Андай сөздү укканда Абдинин итатайы тутулуп, биздин жашообузга киришпегиле, мен эч качан Назираны кетирбейм. Жети жылдап, он жылдап жүрүп деле балалуу болгондор бар. Экинчи андай сөзүңөрдү айтпагыла мага» деп айткандардын оозун жапчу. Кайын журтунун айткан сөздөрүнүн чеке белин угуп калган Назира ичи туз куйгандай ачышып турса да, «туугандар туура айтышат, сен да балалуу болушуң керек, балалуу болбой ажырашкандар биз эле белек. Сенин дагы багыңы байлабайын, жообуңу бер» деп күйөөсүнө башка аялды ыраа көрбөй турса дагы аргасы жок сунушун айтты.



– Туугандар айта берет, мен сага айтып жатпаймбы, Кудай бизге бала берет. Көрөсүң го, биз да бактылуу болобуз. Балалуу болгондо тууган-уруктарды, досжарларды чакырып, чоң той өткөрөбүз. Ошондо бизди ажыраштыра албай жүргөн туугандарым бир сүйүнөт дейсиң, айрыкча апам байкуштун төбөсү көккө жетет,– деп кыялданган Абди Назираны көкүрөгүнө бекем кысып, бешенесинен өөп жубатып койду. Көңүлү гүлдөй жайнай түшкөн Назира, «Мен сага агартып уулду, кызартып кызды төрөп берем. Экөөбүз уул-кыздарыбызды жетелеп сейил бакка алып барып ойнотобуз. Сонун-сонун кийимдерди сатып беребиз» деп күйөөсүнүн моюнуна асылып эркелей калды. Чындыгында Абди Назиранын көңүлүнө карап, оюндагысын кылып, ушунча жыл жашашса дагы жаңы үйлөнгөндөрдөй бири-бирине ынак эле. Алардын ортосунда балдары болбосо да урушпай-талашпай бактылуу жашап жатканын көргөн кошуна-колоңдору өздөрүнчө «балалуу болбогондорунун себеби Абдинин өзүнөн окшойт, Назирадан болгон-

до кетирмек. Болбосо төрөбөгөн аялды башына тартмак беле, эмдигиче башкага үйлөнмөк. Кайра көзүн карап жашап жатпайбы» деп кеп кылып калышчу. «Бирөөнүн жашоосу, бирөөгө ачылбаган сандык» демекчи сыртта бактылуудай болгондору менен үйдө экөөнү тең ой жеп, баланын жытына, ыңаалаган добушуна зар болушуп, экөө эки жерде үңкүйүп өз ойлору менен алек болуп олтуруп калышат. Катар-катар балалуу болгон дос-жарларын көргөндө билгизбегени менен ичинен шуу үшкүрүнүп, көкүрөгүндөгү жаңгактай болуп түйүлүп турган нерсе өйүп, жүрөгүнө тынчтык бербей санаага салып, үйүнө батпай чыгат Назира. Ошондой окшошкон күндөрдөн дагы беш жыл өттү. Ортодогу баланын жоктугуна карабай Кудайдан тилек кылышып, жакшылыктан үмүт үзүшпөй, бир күнү болбосо, бир күнү болуп калар дешип, экөө бири-биринин көңүлүн карашып жакшы эле жашап жатышкан. Капысынын эле бир күнү Назира катуу ооруп, больницага түштү. Врачтар текшерип көрүп эки күндүн ичинде диагнозун чыгарып беришти.



Буга чейин балалуу боло албай азап жеп жүрсө, эми туберкулёз деген оору кошулуп, оорунун азабын куп эле тартты. Алты айдын ичинде сөөктөрү оркоюп арыктап, жөтөл кыйнады Назираны. Бул аралыкта Абди чакан бизнес ачып, иши жакшы жүрүшүп, акчаны тутамдап калган кези эле. «Жандуунун жаны башка» дегендей Назиранын оорусу күч экенин билген Абди тез-тез кабар алып турса да ой санаасы келиндерде болуп, тапкан акчасын достору менен бирге арак-шарап ичип чача баштады. Мурда сыйлашып катташкан үй-бүлөлүк достору Назиранын жогунан пайдаланышып, арак досторго айланышты. Үйүнөн достору үзүлбөй, үйдүн ичи арак менен көк түтүнгө толду. Абдинин бул жоруктарын Назирага төкпөй-чачпай жеткирип, жаралуу жүрөгүн андан бетер жаралагандар да болбой койгон жок. Назиранын күндөн күнгө акыбалы оорлошуп, ооруканада көпкө жатып калды. Оорукана жакын болгондуктан Абди башында бир күндө эки жолу барчу болсо, кийинки убактарда эки күндө бир барып, анда да көпкө олтурбай болбогон

шылтоолорду айтып кетип калчу адат тапкан. Назиранын ойлогону эле Абди. «Буга эмне болгон, акыркы күндөрү менден кача баштады. Оорум жугат деп этияттанып атканы го. Чындап эле оорум жугуп калбасын, көпкө олтурбай кеткени деле жакшы. Байкушум, тамак-аштан кыйналып, кийимдери жуулбай жүдөп да кетти! Бир жактан менин азабымы тартып кыйналды го» деп аяйт. Назира ойлогондой Абди кир жуугандан кыйналбаса, тамак-аштан кыйналган жок. «Колунда токочу бар бала сүймөнчүктүү» дегендей Абдини жандаган достору көбөйгөн. Канчалык акчасы көбөйгөн сайын Абдинин оюу бузулуп кошуна ким, тууган ким дебестен көзүнө көрүнгөн келиндерге тийишип, кыргыйдай тийе баштаган. Мурда-кийин мындайын көрбөгөн кошуна келиндер, «тообо, «аял бузулса эрге көрүнөт, эркек бузулса элге көрүнөт» дешчү эле. Бузулганда да жаман бузулду, бул өткөндө балдызына тийишип, балдызы качып кутулган. Андан кийин өкүл кызына тийишкен экен, өкүл кызы каргап-шилеп, жаакка чаап басып кетиптир. Ошон үчүн



дагы илгеркилер өкүл уул, өкүл кыз дегендерди жакын күйөрүнөн коюшкан да. Азыркылар өзү билем болушуп байлык, бийлигине карап коюп алышып, арты ушундай болуп жатат» дешип чочулашып жолунан чыкпоого аракет кылып качып калышты. Акчага көөп, ниети бузулган Абдиге врач досу Аскат кол алдында медайым болуп иштеген, мурда турмушка чыгып ажырашкан бой келинди таап берди. Абди Кадича менен тез эле тил табышып, таанышкандарына эки жума өтпөй экөө үйлөнүшүп, Назира ооруканада жатканда алып койгон эки комуналуу үйүнө киришти. Муну уккан тааныш-тамырлары «байкуш Назира кантип чыдаар экен, баласындай бапестеп, ой-кыры менен болуп жашачу эмес беле» дешип аяп жатышты. Абдинин кыбыр эткени жетип турган Назирага күндөштүү болгону жетпей коймок беле. Өз жаны менен алек болуп, кыйналып турганда бул кабар катуу сокку болду. Ушундай болорун сезип жүрсө да укканда ток тарткандай диртилдеп, купкуу өңү ансайын кубарып муштумдай болгон жүрөгү тилинип, тилинип

кетти. Бүтпөчүдөй болгон бактылуу күндөрү акырындык менен солгундап, эки ажырым жолго түшкөнүн сезип, эринин каната тиштеп, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлады.

Назиранын бешенесине жазылган тагдыр сыноосу ушундай беле, алдыда дагы кандай тагдыр күтүп турганын билбей, «болду, баары бүттү, мен эми жакшы болуп чыксам да Абди мага кайрылып келбейт. Ушундай акыбалда ооруп жатсам кимге керегим бар. Бир өмүр бактылуу болобуз деген адамым башымды аттап кетти. Мынчалык болмок экен мен уруксат берген жылдары үйлөнүп алса мага да жеңил болмок. Ден соолугумун барында өз жолуму таап, Абдини унутуп калмакмын. Өх, менин тагдырым мынчалык тайкы болуп калган. Кудайга эмне жазыгым бар эле. Оо Кудай, мага ушундай кордугуңу көрсөтпөй, алчу болсоң алыптын! Мага эми жашоонун кызыгы жок» деп жуурканга башын катып алып өрөпкүп ыйлап жатты.

Ден соолугу күндөн күнгө начарлаган Назираны чыгара турган күн келгенде



бир туугандары келип үйлөрүнө алып барышып, бапестеп карап жатышты. Асылган оору ага болчубу, бир ай үйдө караша кайра эле үч айлап ооруканада жатып калчу болду.

Назира жаңы келин болуп барганда кайненеси салган чоң кызыл көздүү сөйкө-шакеги, күйөөсү салдырып берген оозу толо алтын тиштери бир кездерде көргөн кыз-келиндерди суктантып, ошондой алтын сөйкө, шакектүү болсок деп тамшандырчу. Өзүнө куп жарашкан алтындары Назиранын көркүнө көрк кошуп, сулуулугун арттырып көргөн элди бир каратчу. Азыр ошол сөйкө-шакеги, оозу толо алтын тиштери турса да баягы сулуулугунун бири жок, сөөктөрү чыгып, кубарган өңүнө жарашпай кунарсыз көрүнүп турду. Ал-акыбалын сурап келген тааныш-тамырлар, тууган-уруктары көрүп, ден-соолук болбосо жаркыраган алтының дагы сулуулук бере албайт турбайбы. Кайран ден соолук, алтынды өңүнө чыгарган» деп аттиң кылып кетип жатышты.

Өмүр деген ширин, баа-барктуу экенин сезип, жашоого үмүт артып, крова-

тында алсыз олтурган Назира сырттан киргендерге көңүл бөлгөн жок. Тынымсыз кирип-чыгып жаткан медайымдарга көнүп калган. Ошолордун бири го деп өз ою менен алпурушуп олтурган. «Эже, сизге келишти» деген медайымдын үнүн укканда гана акырын моюнун буруп карады. Көргөн көзүнө ишенбей алсыз көзүн бардап-бардап ачып алды.

– Назира кандайсың, сени көрүп кетейин деп атайын үй-бүлөм менен келдим? Врачтарга жолуктум, күндөгүдөн жакшы дешти. Буйурса түзөлүп кетесиң,– деп Абди Назиранын жүзүнөн сылап, алып келген баштыгын столго койду. Колунда эки-үч айлык бала көтөргөн келин да баш ийкеп, ооз учун кыбыратып учурашты. Булардын келгенине түшүнө албай олтурган Назира араң гана башын ийкегиледи.

– Назира, таанышып ал, бул менин аялым, аты Кадича. Бул уулубуз Шер. Кана уулум «чоң апоов» деп койчу. Мына уулум, Назира чоң апаңа да келдик,– деп уулунун колунан эркелете силкилдетти. – Назира мага капа болбо. Үй-бүлөлүү



болгондон бери ана келем, мына келем деп колум бошобой жүрдүм. Бүгүн атайын кабар алганча уулуң менен тааныштырып кетели деп келдик,– деп актанып алды. Шер биздин эле эмес, сенин да уулуң. Чоң апа болдуң, Кудай ден соолук берип ооруканадан чыксаң өзүң кошо тарбиялашасың,– деп калп күлүп, Назиранын көңүлүн көтөрмөкчү болду. Баятадан бери алкымына бир нерсе тыгылып калгандай болуп буулугуп турган Назира көзүнүн жашын тыя албай араң гана «бешик бооңор бек болсун!» дегенге жарады. Андан кийин алардын жүзүн карабай жуурканын үстүнө тартып, уктаган кишидей көзүн жумуп жатып калды. Назиранын акыбалы өтө начарлаганын көрүп Абдинин да көзүнө жаш тегеренип, зээни абдан кейиди.

– Назира, капа болуп калдың окшойт. Чоң апа болгонуңу сүйүнчүлөп, уулуңу көрсөтүп кетейин дебедим беле. Биздин уулубуз сенин уулуң эмеспи. Дагы келип кабар алып турабыз. Жакшы жат,– деп ачык турган тарашадай болгон колунан кармап коштошуп, үн-сөзсүз жаткан На-

зираны бир карап коюп сырткa чыгыш-ты. Ушуну эле күтүп тургандай Назира ичине катып жаткан ызасын чыгарып, жаткан жеринде өңгүрөп коё берди. Эшикти эми эле жапкан Абди да, Кадича да ыйлап жатканын угушуп, колдорунан эч нерсе келбесин түшүнүшүп, кадамда-рын аяр таштап ооруканадан чыгып ке-тишти. Назиранын тагдырындагы оор сыноолордун дагы бири ушул болду. Өзүн эч кимге кереги жок адамдай сезип, чөккөн көңүлү ансайын чөктү. Бир жыл-дан ашык келбегенден кийин бүгүн эмне-ге келди? Мага мактанганы келдиби же сен төрөп бербеген баланы мына ушул аял төрөп берди деп, менин ушул акыба-лымды жаш аялына көрсөткөнү келдиби? Бул мени басмырлаганы, табалаганы го. Болбосо мындан түзүк кезимде келбеген, эми өлөт деп угуп келдиби деп солуктап ыйлай берип алы да калбай калды.

Эки күн башта ден соолугун сурап келген достору Назиранын оорлошуп калганын көрүшүп, Абдиге айтып ба-рышкан. Жамандыр-жакшыдыр жүзүн ачып көргөн аялың эле, он жылдан ашык



жашап, ысык-суугуңар өтүштү. Канча өмүрү калды ким билет, барып акыбалын сурап кой. Курган Назира дагы деле сен-ден үмүтүн үзбөй, сен жөнүндө сөз кы-лып калсак бетине кызыл жүгүрө түшөт. Көңүлүн көтөргөнчө ыраазычылыгыңы билгизип, анын да ыраазычылыгын алып кой дешип акыл үйрөтүп кетишкен.

Чындап эле кандай болот, кандай жок, барса барып келейин деп, бетине аялы менен баласын кармап барган эле. Бары-шын барып алып, Назиранын аянычтуу кейпин көргөндө ашыкча сөз сүйлөгөнгө батына албады. Анан калса Назира алар-дын жүзүн карабай үн-сөзсүз жатып ал-ганын көргөндө эч нерсе айталбай кете берген.

## Балдарга арналган чыгармалар



## БЕШ СОМ

*Аңгеме*

Чак түш болчу, Керим аялы Айымкан экөө эшиктин алдына коюлган узун олтургучта күн чубактап олтурушкан. Капысынан Керимдин оюна бир ой кылт дей түштү. Анан нарыда ойноп жүрүшкөн балдарын угуп калбасын дегенсип Айымкандын кулагына шыбырады. Айымкан да күйөөсүнүн сөзүн макул көрүп:

– Алып чык анда,– деп күлүп койду.

– Мен алып чыга калайын. Сен балдарды чакырып тур,– деди да Керим үйгө кирип таңгагы бузула элек беш сомдуктарды алып чыкты. Керим чыкканда төрт баласы чурулдап апасынын жанында турушкан.

– Апа, бизди эмнеге чакырдыңыз? – деди кыздарынын улуусу Жанара тыкылдап.

– Эмнеге чакырганымы азыр атаңардан угасыңар,– деди Айымкан кыздарына мээрим төгө карап.

– Кана балдарым, мага жакын келгилечи. Ии, ушундай тургула. Мына менин

колумдагы акчаны көрдүңөрбү? деп бир таңгак акчаны балдарына көрсөттү Керим.

– Ооба, көрдүк,– дешип бир ооздон чурулдашты балдары.

– Анда көрсөңөр ушул акчаны эшиктин алдына чачам, силер бирин калтырбай чогултуп мага алып келесиңер. Кимиң көп чогултуп келгениңе акча берем,– деди да колундагы акчанын таңгагын чечип туруп чачып жиберди. Жанара, Анара, Мунара, Арсен биринен сала бири чачылган акчаларды теришип жөөлөшүп, түртүшүп көбүрөөк тергенге аракет кылып жатышты. Ата-энеси балдарынын кыймыл-аракеттерине көңүл бөлүп, көз салып олтурушкан. Балдар терген акчаларын алып келишип: «Мен көп тердим, мына меникин кара, сеникинен меники көп» дешип бири-бирине атаандашып жатышты.

– Оо, азаматтар! Акчаларды бергилечи мага. Кимиңер көп чогултканыңарды азыр көрөбүз,– деди атасы. Колуна алган акчаларды кармалап көрүп:



– Бул жерде акча толук эмес го, кимиң бекитип алдың? – деп балдарына карады. Балдарынын төртөө тең алган жокпуз дешти.

– Акча аз болуп жатпайбы. Силер албасаңар жер жутуп кеттиби? Жанара, сен албадыңбы?

– Ыкы, мен алган жокмун.

– Анара, сен алдыңбы?

– Мен деле алган жокмун. Мунара алып алган окшойт,– деп Анара сиңдисин күнөөлөй салды.

– Алдабачы, качан мен алдым? Көрбөй эле алдай берет экенсиң да. Өзүң уурдап алсаң керек,– деп алты жаштагы Мунара карандай жалаага чыдабай карагаттай көздөрүн жайнатып тултуйуп, көзү каканактап ыйлагысы келип кетти.

Балдарынын жоруктарына күлкүсү келип олтурган Айымкан тултуйуп турган кызына боору ачып кетип Мунараны өзүнө тартып:

– Менин кызыман көрбөгүлө. Мунарка албайт,– деди да чачынан сылап, саамайынан жыттап койду. Апасынын мээримине Мунаранын бир заматта кабагы

ачылып, ачылган Күндөй жарк этип күлүп, апасынын көкүрөгүнө башын жөлөп эркелей кетти. Керим дагы деле балдарына болгон сурагын токтотпой:

– Анда сен бекитип алдыңбы уулум? – деп төрт жаштагы Арсенге карады.

– Док, мен алган докмун. Мына карацыз,– деп көкүрөк күчүгү Арсен долдурап шымынын чөнтөгүнүн ички кабатын сыртына аңтарып чойгулап көрсөттү.

– Баарыңар алган жокмун деп жатасыңар. Анда эмесе өзүңөр айтпасаңар чөнтөктөрүңөрдү өзүм карап чыгайын макулсуңарбы? – деди балдардын атасы. Макулбуз, караңыз дегенсишип кичинекейлери катарга тизилип туруп калышты. Жанара гана үн-сөзсүз жер тиктеп, турган жеринен жылбады. Анда эмесе чоңуңардан баштап карайын. Кана Жанара, бери келчи,– деп Керим Жанаранын чөнтөктөрүн карап жатып коюнуна салып жиберген беш сомдукту таап чыкты.

– Кызым, бул эмне кылганың? Алган жокмун деп жатпадың беле? Чогултуп кел десек сенин бекитип алганың жакшыбы? Кичинекейлер уурдабай, чоң эле



акылы бар сен уурдап жатасың. Сиңдилериңе, иниңе ушинтип тарбия бересиңби? – деп атасы опузалап кирди.

– Жанара уурулугу билинип калганга үн-сөзсүз уялып жер карады. Жанаранын бир туугандары жана эле биз алган жокпуз,– деп күнөөлүү эмес экенин айтышып актанып жатышса, эми акча эжесинен чыгып калганына өздөрү күнөөлүүдөй баштарын шылкыйтышып, бир чети эжесине боор толгоп аяп, кандай жаза алар экен дегенсишип, көздөрүнүн үстү менен бирде атасын карашып, бирде Жанараны карашып үн-сөзсүз коркуп турушту. Кантсе да эне эмеспи, азыр эле кыткылыктап акча терип жүрүшкөн балдарынын бир заматта бозала боло түшкөндөрүнө көңүлү түтпөй кеткен Айымкан:

– Атасы, болду эми уруша бербечи. Жанаркамын эси бар, экинчи мындай иш кылбайт. Туурабы кызым? Экинчи уурдабайсың ээ? – деп Жанараны колунан тартып алдына олтургузуп, бетинен өптү.

– Бала тамырчы болот деген чын да. Апасынын жылуу сөзүнө жандана түшкөн Анара:

– Ата, акчаңыз толук болдубу эми? – деди көзүн алайтып.

–Ооба балдарым, эми толук болду. Жанаранын бир беш сомдукту катып алганы болбосо, төртөөң бирдей чогултупсуңар. Ошон үчүн төртөөңө тең беш сомдон берейин. Мына алгыла балдарым,– деп Керим балдарынын көп-аз чогултканына карабай баарына бирдей берди.

Ошол убакта көздөрү алайган балдары атасынын көп акчаны санабай туруп, бир беш сомдуктун жетпей калганын кармалап көрүп эле билип алганына таң калышып, «Чоң кишилер кармап көрүп эле билип алышабы» деп ойлоп жатышты. Баёо мүнөз, оюнда кири жок таза наристелер атасы менен апасынын балдарын тамашага салып, бир чети сынап көрөйлү деп атайын жасагандарын билишпеди. Балдар кыткылыктап акчаларды терип жүрүшкөндө Жанара билинбей калат дегенсип беш сомдукту коюнуна салып жибергенин Керим менен Айымкан көрүп, дагы кимиси бекитип алаар экен деп, бирин-бири тиктеп күлүп олтурушкан эле.



## КЫШ

Кыш да келди аппак тонун жамынып,
Тоңгон муздан шуру мончок тагынып.
Бурганактап бети-колду чымчылап,
Кирип келди аяздуу кыш камынып.

Жылгаяк тээп муз үстүдө жарышып,
Чана сүйрөп бийик жонго жабышып,
Кыр-кырлардан чана тээп ойноого,
Канча күттүк ушул күндү сагынып.

Аппак карга канча ирет тыгылып,
Канча ирет муз үстүндө жыгылып,
Калсак дагы унутулат заматта,
Меш түбүндө олтурганда жылынып.

## КАР

Асмандан себелеп,
Аппак кар эленет.
Ак кардан теребел,
Көрүнөт керемет.

Апакем жемелеп,
Ак карды жебе деп.
Урушса кээ күнү,
Сурайм неге деп.

Капалуу көрүнүп,
Ойлору бөлүнүп.
Жөтөлүп калба дейт,
Мээрими төгүлүп.



## БЕРМЕТ

Бермет туруп уйкудан,
Көрдү аппак айранды.
Балбал жанып көздөрү,
Болду көңүлү жайдары.

Төрт аяктап жүгүрүп,
Жетип барды заматта.
Табылгага сүйүнүп,
Колун салды табакка.

Кыткылыктап кубанып,
Эки жагын каранды.
Айран болгон колдорун,
Улам-улам жаланды.

Мурду-башы тырышып,
Ачырканды даамына.
Табактагы айранды,
Шыбап алды баарына.

## ЖАЗ

Ызгаар суктун мизин майтарып,
Жашылданган сулуу жаз келди.
Тоңгон музду суга айлантып,
Жер бетине жылуу тап берди.

Жер жарылып чөптөр кылайып,
Жаз башаты болгон март келди
Жоогазындар жайнап кулпуруп,
Талаа-түзгө сулуу көрк берди.



## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР

Жаачы жамгыр, нөшөр болуп төгүлүп,
Кара булут таркап кетсин сөгүлүп.
Жашыл шибер, байчечекей кылайып,
Кара жерди жарып чыксын бөлүнүп.

Жаратылыш жашыл кымкап жамынсын,
Жер эненин кыртыштары каныксын.
Жамгыр сүйгөн жаз айынын гүлдөрү,
Жоогазындар көз кубантып ачылсын.

Жазгы жамгыр, жаай бергин сабалап,
Талаа-түздү, шаар ичин аралап.
Ичиркентип моюн ылдый куюлгун,
Адамдардын жан дүйнөсүн аруулап.
Жаай бергин жан дүйнөмдү аруулап.

## БАЛ ТАТЫГАН ШИРИНИМ

Алдей, алдей берекем,
Апакайым көлөкөм.
Ак бешикке жата кой,
Алдей айтып бөлөсөм.

Көздүү мончок, тумарым,
Кубанып мен турайын.
Көңүлүмдү көтөрүп,
Күлүп койчу угайын.

Кичинекей кубатым,
Күндө өсүп кубанткын.
Энекенди сүйүнтүп,
Эркелечи кубанчым.

Тай-тай айтып жөлөйүн,
Басканыңды көрөйүн.
Бал татыган шириним,
Ууртуңан өбөйүн.

Балапаным, медерим,
Эне жытын сезээрим.
Бактылуу болуп өсө көр,
Эртең бойго жетээрим.



## МАЗМУНУ

*Ф. Абдалова.* Калемгердин канаттуу чыгармалары ........ 3

**Арноо ырлары**

Атакем ........
Апакеме бүтпөс ыр ........ 9
Эне жүрөгү ........ 11
Агам Курманбекке........ 14
Жеңем Каленбүбүгө ........ 15
Балдарыма........ 16
Уулума ........ 17
Бар болгула, бир туугандар ........ 18
Классташтарыма ........ 20
Мектебиме ........ 21
Сагындым Кара-Кулжамды........ 22
Ата журтум ........ 23
Кыргыз калкым ........ 25
Туулган жерди сагынуу........ 27
Кара-Кулжам ........ 28
Ырыскылуу элим менин........ 30
Кыргыз Эл акыны Гүлсайра Момуновага ........ 31
Кара-Суу райондук сотунунсудьясы, ........ 32
Сооронбаев Нурланбек Курманбековичке........ 33
Маданияттын мыкты кызматкери, акын, жазуучу, драматург
Бактыгүл Сейитбековага ........ 35
Сарногоев-Китеп........ 36
Алыкул Осмоновдун жаркын элесине арнайм ........ 38

Улуу инсан жашай берет түбөлүк ............... 41
Авто кырсыктан каза болгон классташым, досум Авазбекова Айнуранын жаркын элесине арнайм ............................. 42

**Махабат ырлары**

Махабат ............................................. 45
Экөөбүз ............................................. 46
Жолоочуга ......................................... 47
Кызганам ........................................... 48
Кездешүү ........................................... 49
Кат ..................................................... 50
Күтүп жүрөм ...................................... 51
Ак тилек ........................................... 52
Сүйгөн жандын бары кандай керемет ........ 53
Ак сүйүүгө кеч кирбейт ......................... 54
Сүйүү саптары ................................... 55
Сен менин өмүр жазым ......................... 57
Сүйүү берген асыл жан ......................... 58
Сөз берсеңчи ..................................... 60
Коштошуу азабы ................................. 61
Мен күткөн махабат ............................. 62
Күтүү ................................................ 63
Ойлойсуңбу ....................................... 64
Өмүр ................................................ 65
Ушул бакыт ....................................... 66
Тилек ................................................ 67

**Насаат ырлары**

Шугур айтып үйрөнгүн ......................... 70
Ыйман берсин ..................................... 71
Менин дүйнөм ..................................... 72
Тагдыр .............................................. 73
Өмүр ................................................ 74
Насаат ыр .......................................... 76



Пенделер ..............................................
Мугалимдерге ...................................... 81
Бириккиле кыргыз элим! ........................ 83
Баатырсыңар кыргызымдын жигиттери ...... 86
Досторго ............................................ 86
Күз .................................................... 87
Сүйүнчү ............................................. 88
«Жан дүйнөң жабыркайбы...» .................. 89
Ырдан койдум эстелик ........................... 90
Он төрт кызга ..................................... 91
«Өлбөөчүдөй жандар эле, өлбөөчүдөй...» ... 94
Кыргызды кыргыз кылаар күзүр барбы ....... 95

**Эсселер түрмөгү жана аңгеме**

Чаташкан ойлор ....................................
Махабат ............................................. 99
Эне, бала жана музыка ........................ 102
Бейиш энелердин таманында .................. 104
Абысындар ........................................ 110
Жаз жана кыз ..................................... 113
Эссе ................................................. 122
Тагдыр сыноосу (*аңгеме*) .................... 124
........................................................ 126

**Балдарга арналган чыгармалар**

Беш сом ..............................................
Аңгеме .............................................. 157
Кыш ................................................. 157
Кар ................................................. 163
Бермет .............................................. 164
Жаз .................................................. 165
Бал татыган шириним ........................... 166
........................................................ 168

*Көркөм-адабий басылма*

**Сооронбаева Айсалкын**

**ТАГДЫР СЫНООСУ**

*Ырлар, эсселер түрмөгү, аңгеме*

Редактору *Фатима Абдалова*
Корректору *Нургүл Ногойбаева*
Компьютерде калыпка салган *Рая Терибаева*

Басууга 19.05.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $70x90^{1}/_{32}$.
Көлөмү 10,75 б.т. Нускасы 750.

«Улуу Тоолор» басмаканасынын
басмасында басылды.
Бишкек ш., Ж.Абдрахманов көчөсү, 170 а.



**Айсалкын Соoронбаева** 1970-жылы Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун 1-май айылында жарык дүйнөгө келген. “Теңир тоо” аттуу китептин автору жана “Москва кайрыктары-1”, “Аруу дүйнө – 1, 2, 3”, “Аалам, Акын, Кыргыздар”, “Сарногоев-китеп”, “Алыкул-100”, “Ыйман жана калем”, “Кыздар ай-3”, “Эне жөнүндө баллада”, ыр жыйнактарына ырлары жарык көргөн. КР Мамлекеттик китеп палатасынын жана Кыргыз Биримдиги коомдук уюмунун Москва жана Москва областы боюнча аксакалдар кеңешинин Ардак Грамотасынын ээси. “Аруужан” фондусунун Москвадагы бөлүмүнүн башчысы. Үй-бүлөлүү, үч уулдун мээримдүү энеси.